# БАРС-БЕК
# КЫРГЫЗДАРДЫН КАГАНЫ



# БАРС-БЕК
# КЫРГЫЗДАРДЫН КАГАНЫ



ТАРЫХЫЙ ПОВЕСТЬ

Түзгөн Т. Насирдинтегин

Бишкек
«Ала-Тоо» басмасы, 1993

ББК 84 Ки 7—4
Б 26

Сүрөтчүсү А. Акматов

Б 26 Барс-бек — кыргыздардын каганы. Тарыхый повесть / Түз. Т. Насирдинтегин. Сүрөтчүсү А. Акматов — Б.: Ала-Тоо, 1993. 80 б.
ISBN 5-85835-001-1

VII кылымда Барс-бек бабабыз башында турган кыргыз мамлекетинин тарыхта бар экендиги таш эстеликтерге жазылган баалуу табылгалар аркылуу аныкталды.

Окурман бул китептен Барс-бек (каган) жөнүндөгү даректүү баян жана Орхон-Энесай эстеликтерине чегилген жазуулардын чечмелениши, Түрк каганаты тууралуу түшүнүктөр менен тааныша алат.

Жыйнак биринчи ирет чыгарылып отурат.

Б $\frac{4702300100-}{М\ 455(11)-93}$ 1—93 ББК 84 Ки 7—4

ISBN 5-85835-001-1
© «Ала-Тоо» басмасы 1993-жыл.

**АМАН ГАЗИЕВ**

# БАРС-БЕК — КЫРГЫЗДАРДЫН КАГАНЫ.

## СУУГА АККАН КИШИ

Дарыянын кашатын жээктей бастырып бир атчан келе жатат. Ал бирде төмөн суунун жээгин кароого аракет кылып, бийик кашаттын кырына жакын келет да, бирде кашатка жакын өскөн бадал-черлерди айланып өтүү үчүн жээктен алыстап кетет. Жолоочу суудан кечүү издеп келатканы байкалат.

Мезгил жай болгону менен тоонун таштай муздак шар суусу кез келген жерден кечип өтүүгө болбой турган коркунучтуу жоо. Тигил атчандын кечүү издеп келаткан себеби да ошол.

Дарыянын аркы өйүзүндө дагы бир атчан келатат. Ал берки өйүздөгүнү эбак эле көргөн — ага көз кырын салып коюп, жолун улантууда. Экөөнүн тең бараткан багыты бир. Бирок аркы өйүздөгү атчан берки кечүү издегендин көзүнө чалдыкпоого аракеттенгендей түрү бар: анын белиндеги канжарынан бөлөк жанында куралы жок. Беркинин болсо курал-жарагы шайма-шай: сол колунда найза, ай далыда калкан, башында шуңшуйган туулга. Чолок тону ар кай жеринен канылтыр темир менен кармалган. Эртең мененки күндүн уяң нуру бадал арасынан тийгенде жолоочунун зоот-чопкуту жарк-журк этип, тигини ого бетер сүрдүү көрсөтөт. Сол капталында кылыч, ийинден төмөн кыйгач тартылган кайыш курда — салмактуу чоң жаа шыгырата жебелер солонгон саадак.

Аңгыча берки өйүздөгү атчан кечүү тапкан сыяктанды. Ал кашат жапыздап барып суунун жээгине чыккан жерге атынын башын бурду. Ат сууга тумшугун малды, туягын тийгизип көрдү да, кечкиси келбей, башын кейкейтип тартынды. Чабендес үнүн ачуулуу чыгарып, атка камчы урду. Ат сууга секирип кирди. Суу дароо аттын соорусун жаба берди да, экөөнү тең алып жөнөдү. Чабендес кечүүдөн жаңылган экен. Таштай

какшаган муздак суу атты агым менен алып жөнөдү. Чабендес аттын башын туура буруууга канча аракеттенген менен болбоду — суунун шары күчтүү эле. Тигил найзасы менен сууну сайды эле, бүтүндөй бойлоп кетти. Чабендес аттын тизгинин кыйгач тартты: бул агым менен барып, аркы өйүзгө чыгуунун амалы эле.

Берки өйүздөгү чабендес тигини кызыгуу менен байкап турду. Суудагы кишинин кыйгач тартканын көрдү да, өзүнчө кобурап койду:

— Эми аркы шарга кабылат да, аскага урунуп, иши бүтөт...

Анан ошол тарапты карай чаап жөнөдү.

Чынында эле ал болжогондой болду. Алдан тайып бүткөн ат алдыдагы иримдеген айлампага улам жакындагандан жакындап баратты. Тигил жоокер бул коркунучту кечигип сезди. Айлампа аларды чамындыдай чимирилтип, асканы карай алып жөнөдү. Суу аларды күү менен ташка бир урду да, көмө жайпады. Алар сууга бирде чөмүлүп, бирде көрүнүп барып, бир маалда аскага урунушту. Жоокер жан далбастап, таштын жаракасына өскөн бадалга жармашууга аракеттенди. Айла болбоду. Суу укмуштай ылдамдык менен экөөнү улам ары агызып баратты.

Аска анча узун эмес эле, ал бүткөн жерде суу мелмилдеп жай ага баштады.

Жээктеги атчан өз убагында жетип келди. Ал элден мурда аттын алачакмактаган көзүн, анан тумшугун көрдү; ат эки алдыңкы буту менен сууну чапчып жатты. Үстүндөгү киши оозун чоң ачып алып, аттын жалына өбөктөп алган, туулгасы көзүнө түшүп кетиптир.

— Карма!— деди жете келген чабендес, арканын жандырып жатып.

Ат жандап өтө бергенде тигил арканды таамай ыргытты, аркан кишинин мойнуна жана бадалдын бир тутамы уучталып жүргөн колуна ороло түштү. Ацгыча төрт аягы жерге тие калган ат тартына калды эле, үстүндөгү киши камгактай учуп түштү. Сууга башы менен чумуп кетти да, бир нече кадам төмөн барып, кашатка чыгып калды. Жүгүнөн бошонгон ат андан ары сүзүп кетти.

... Чабендес көпкө чейин эсине келе албай жатты. Какап-чакап, суу оозу-мурдунан шаркырап акты. Берки киши, аны жээкке сүйрөп чыккан соң, жолто болбосун деп тигинин туулгасын алып койду да, жанында карап олтурду. Карап олтуруп ойго келди: биринчиден,

курал-жарагына жана кийимине карағанда, бул адам же карапайым жоокер, же кандайдыр бир кадырлуу адамдын, айталы, аймактын башчысынын — багдын жигити. Экинчиден, тайманбаган жоокер: кечүү экенин билбей туруп, мындай муздак шар сууга бой таштоо ар кимдин колунан келбейт! Үчүнчүдөн, жоокер өтө чечкиндүү жана өжөр, чөгүп өлө турган болгондо да найзасын колунан чыгарган жок.

Сууга аккан адам бир маалда эс алды. Ал туш тарабын каранып алды да, өйдө болуп олтурду.

— Анткен менен сууну жакшы эле ичипсиң, жигит.

Тигил бир тынымдан кийин катуу, катуу жөтөлүп, анан:

— Суудан... мени ... сен ... алып чыктыңбы,— деди.

— Үчөөбүз: мен, менин атым, арканым.

— А менин атым кайда?

— Тигинде оттоп жүрөт...

Ырас эле аргымак жүз кадамча төмөнүрөөктөн чыгып, кайындардын арасында турган. Албетте кайдан оттосун: башын жерге салып, шыйпанууга да алы келбей дармансыз турган. Ал да ээсине окшоп, эсине келип жатса керек.

Сууга аккан адам дагы тынчсыздана кетти — колу менен далысын сыйпалай баштады.

— Қылычым! Қылычым кана?

— Тигине, капталында жүрбөйбү.

— Жок, ал эмес, берки.

Ал күч менен жааны, анан саадакты чыгарып алды. Анан узун, ичке тери капты алды. Қармалап көрдү.

— Ии, бар экен. Көк Теңирге тобо!

Берки аны карап олтуруп ойго кетти: бечара дале эсине келе элек көрүнөт. Дагы кайдагы кылычты айтып жатат?

Ангыча сууга аккан адам белин, куруна бекитилген капчыктарын кармалап көрдү.

— Укмушуң кургур! Баары түгөл, жада калса канжар да, оттук таш да ордунда. Қуу гана суу болуп калыптыр.

Қарап олтурган киши шылдың аралаш айтты:

— Байкашымча өтө камбыл неме көрүнөсүң.

— Менин атым Уткул, Багыштын уулу болом,— деди тигил. — Туура айтасың, мен деген биздин мамлекеттин улук ажосу Барс-бектин, Ынанчу Алп Бильге кагандын өзүнүн жеке кошунундагы жоокеримин. А өзүң ким болосуң, мени суудан алып чыккан адам?

— Менин атым Ярук. Өзүмчө жүргөн бир жупуну кишимин.

— Улуу Көк Теңир сени ылайым дайыма колдоп, ырайымын аябасын, жупуну киши Ярук! Менин сага ыраазычылыгыма чек жок. Көрүп турасың, мен жоокермин. Же беттешип жоодон өлбөй, көтөрүм болгон малдан бетер мынабу акылсыз сууга агып өлсөм — жоокер атым не болмок! Кур дегенде тигил даңктуу дайра-энебиз (Катун дайра), же баарынан улук, ыйык дайра Улук Кам (Энесай) эмес! Кайдагы бир аты-жөнү белгисиз, башы оогон жакка агып жаткан болбогон бир сууга агат деген эмне? Кошундагы жоокерлер эмне демекчи? Туугандарым? Улуу ажо-кагандын өзү эмне дейт эле? Болуптур, жүрү атты алып келели. Бүгүн байкуш атыма кыйын болду.

«Жаагы тынбаган неме көрүнөт» деп ойлоп койду ичинен, жупуну киши Ярук.

Экөө атты алып келишти. Ярук аттын ээрин алууга, суусу дале чууруп агып жаткан жан баштыктарды чечүүгө жардамдашты.

— Болбостур!— деп капаланды Уткул. — Жол азыгымдын баары сууга чылапып калыптыр: жегенге жарабайт. Кантебиз: «Эр азыгы — элден, бөрү азыгы — жолдон» деген макал бар эмеспи, ачка калбасмын.

— Жакшы макал экен. Менде азык бар. Бирок сен азыр курганышың керек. Сен кийимдериңди күнгө жайып сал, а мен от жагып, бир нерсе жасай коёюн.

Бир аздан кийин жаңы тааныштар оттун кашында олтурушту. Жоокер — энеден туума жылаңач. Асма жанказанда бир нерсе боркулдап кайнап жатат. Эки ат кашынышып, үйүр алыша түшүштү, эми жайбаракат оттоп жүрүшөт.

Уткул жоокер бакылдаган сөзмөр неме экен.

— Үйгө барганда мен сени сөзсүз ыраазы кылам. Менин мыкты боз үйүм бар. Андан башка дагы эки үйүм бар. Баарында толтура дүнүйө койлорум, жылкым бар, жада калса ботолуу төөм да бар. Каалаганыңды ал — сенден аянбаймын.

— Аны сөз кылып эмне кыласың. Арзыбаган иш.

— Эмне үчүн сөз кылбайм? Эмне үчүн арзыбайт? Менин үч катыным бар. Кенжеси — аз деген элден. Өтө сулуу. Жортуулда иниси экөөнү колго түшүрүп алгам. Анда аздар менен али келишимге келе элек болчубуз. Сага тартуулайм. Ыраазы болосуң. Кой дегениң эмнең? Эркек да сулуу катындан баш тартабы? Ой сен менден

кам санаба: менин дагы эки катыным бар дебедимби. Экөө тең — кыргыз. Ансыз эле эрке токолду көрө албай, күндө чатак чыгарып жатышат. Менин да кулакмээм тынчысын... Ал эми менин туугандарымчы! Алар сени белек-бечкекке карк кылышат.

Ярук башын ийкегилей берди.

Экөө тамактанышты. Кийимдер кургады. Күн төбөгө келди. Аңгыча жоокер карбаластап калды;

— Ой, аттаналы! Мени тыякта күтүп жатышпайбы. Сапарыбыз бир болот го, ээ?

— Мен да ошол тарапка баратам,— деди Ярук.

## ЭКИ БАШТУУ КИШИ

Уткулдун жаагы тынар эмес.

— Сен көп жоокердин бирин сактап калдым деп ойлобо! Жок, урматтуум. Билип ал, улуу ажо-кагандын өзү, биздин Ынанчу Алп Бильге, маанилүү иштерди дал мага тапшырат. Мына азыр да ошол: менин маанилүү тапшырма менен жүргөнүмдү байкабай турасыңбы?

Ярук ууртунан шылдыңдуу жылмайып койду, үнчукжан жок.

— Ишенбейсиңби? Эмесе мына муну кара.

Уткул узун ичке тери капты алып, жылтылдатып кылыч сууруп чыкты. Кылыч өзү көгүш тартып, ага ширетилген болот мизи күмүш кыюу сыяктуу жалтылдатып турду. Кечээ эле сугарылган немедей. Ырас, темир усталар жыгач менен териден жакшы жасай алышпайт. Мындай сонун кылычты көрүп, Ярук чынында эле суктанды, бирок:

— Мен эмне, кылыч көрбөй жүрүпмүнбү?!— деп койду.

— Бул көп кылычтын бири эмес! Бул атайын ажо-каганга арналып жасалган кылыч! Мунун темирин атайын тээ-тигил Темир тоодон алдырган. Нечендеген кулдар чанач менен жонуна ташып, анан аттарга жүктөп, агыны катуу сууларды кечип, ашуусу бийик тоолорду ашып, кыйла жолдор жүрүлгөн. Анан акыры төө менен жерине жеткирилген. Акыры темир эритүүчүлөрдүн турагына келгенде, аны көөрүктүн очогуна салышкан. Билесиңби, кандай жасаарын?

Ярук ийнин куушурду, ал адеп үчүн эле угуп жатты.

Уткул жаагын жана берди:

— Ошо. Көруктүн очогу — бул узун-туурасы эки кадамдан келген, бийиктиги менин белиме жеткен таштан оюлган чуңкур. Ал жерди казып орнотулат. Ал эми алдыңкы бетине көөруктүн үйлөгүчү киргизилгендей кылып, ылай түтүк жасалат. Анан аны кулдар басып, үйлөтүшөт.

— Аны мен көргөм,— деди Ярук, оозун тажаган кишиче ачып-эстеп.

— Бирок маш болгон темир усталардын кылыч соккопун, ага болоттон миз ширеткенин көргөн эместирсиң. Андай кылычка эч кандай зоот-чопкут туруштук бере албайт. Ал эми кылычтын мизине ширетүүлүчү болот асмандан түшөт. Таң калбай эле кой. Аны жамгыр жаап жатканда Көкө Теңир өзү жиберет. Сен жылдыздардын жерге түшүп жатканын көрдүң беле? Албетте көргөнсүң! Бирок алар жылдыз эмес эле, асмандан жааган болоттун сыныктары. Аны биз, кыргыздар гана билебиз. Биздин куралдар дал ошондуктан барып турган курч. Алар бардык элдерде катуу бааланат. Андан соң кылдат усталар кылычты курмандыкка чалынган эчкинин канына жуушат. Эң акырында кылыч айдын толугунда жыйналган, дубаланган ар түрдүү уу чөптөрдүн ширесине сугарылат.

— Тээ-тигинде боз үй көрүндү,— деди Ярук. — Түшүп бир аз шам-шум этип алсак кантет?

Уткул алды жагына көз жиберди. Дөңсөөнүн этегиндеги түзөңчөдө жардыраак боз үй турат, жанындагы кемегеден түтүн булагансыйт.

— Ээ! Аякка бурулуп кереги жок. Ал жеккөрдү кишинин үйү: аныкына кирген киши тазаргыс болуп булганат.

— Сенин айткандарыңа түшүнбөдүм...

— Түшүнбөгүдөй анын эмнеси бар? Жеккөрдү дебедимби, демек — жеккөрдү.

— Баары бир кайрыла кетели. Азыгыбыз түгөндү, ал эми ич болсо курулдай баштады.

— Болуптур. Сен мени суудан тартып чыкпадыңбы — тилиңди алайын. Анан калса менин ичим да курулдап жатат.

Алар боз үйгө жакындап келгенде кемегедеги оттун жанында оокат кылып жүрүшкөн эки катынды, ары жакта ойноп жатышкан балдарды көрүштү. Ары обочодо шыйпанып коюп тору ала ат оттоп жүрөт. Тоонун боорунда жайылган жыйырма чакты кой-козу көрүнөт. Дагы бир боз үй бар экен, ал да начар.

Атчандарды көргөндө катындар кыйкырып жиберишип, балдарын жетелешип, аркы алачыкка кире качышты. Атчандарды килейген байдөбөт ажылдап үрүп каршы алды.

Уткул камчысын үйрүп, сөгүнүп-сагынып, итти кууп жиберди. Аңгыча алдыңкы боз үйдөн узун бойлуу, чачы аппак, өңүндө санаанын белгиси бар киши чыга келди. Ал итин «Кой!» деп кыйкырды да, кишилерге келгиле деген белги берип, кайра үйгө кирип кетти. Уткул аттан түштү, бирок Ярук катып калгансып, былк этпеди. Күнгө тотуккан кара тору өңү боппоз боло түштү, ал турсун эриндери көгөрүп кетти.

— Сага эмне болду?..

Ярук эсине келди.

— Тигинин мойнундагы асылган эмне?— деди Ярук тили араң күрмөлүп.

— Эмне, көргөн жоксуңбу? Өзүнүн ууру уулунун башы. Салт боюнча ушинтип жазаланган. Эми аны өмүрү өткөнчө асынып жүрүшү керек. Жанагы жеккөрдү дегеним ошол.

Ярук аттан түштү. Аттарды тушап кое беришти да, үйгө киришти. Үйдүн ээси босогодо турду. Ал меймандарга үн чыгарып эч нерсе деген жок, болгону эчки талпактар калың салынган төрдү көрсөтүп, өткүлө деген ишарат кылды. Меймандар орун алган соң:

— Азыр тамак келет,— деп күңк этти да, баягыдай эле кабагын салган боюнча босогодо тура берди.

Яруктун прецинин бозоргону тарап, кызыл жүгүрдү. Анын эки көзү үй ээсинин көкүрөгүнөн кетпеди: анын төшүндө ичке тарамышка байланган кишинин башы илинип турган. Ал териси чүрүшүп каткандыктан кыйла кичирейген, ышталган, чачы ак саргыл он жети жаштар чамасындагы уландын башы болучу; эгер жүзүндө түбөлүк катып калган кыйналгандыктын белгиси болсо, жакшылап караган кишиге баланын өңү жакшынакай экендиги билинмек.

Сырттан аял кирди. Ал меймандарды карабай, башын төмөн салып, үн-сөзсүз эски, бирок таза жуулган дасторкон жайды, каламадан сындырып-сындырып койду. Экинчи аял кирип, эки аяк кымызга бир кесимден куйрук салып, меймандарга сунду. Андан соң аялдар жайык жыгач табакка сүрсүгөн эт, быштак алып келишип, дасторкон четине бир тутам жыттуу, кишинин ичтейин ача турган чөп таштап коюшту. Анан экөө тең үн

дебестен чыгып кетишти. Үй ээси баягы калыбынан жазбастан босогодо турду.

Уткул алдындагы тамакты шапылдатып жегенге кирди. Бирок Яруктун жүрөгүнө тамак барбады. Ал жүрөк айландырган жийиркеничтен кутулууга аракет жасады — болбоду; ышталган адам денесинин жыты өз денесине сүңүп жаткандай, мурдунун каңылжаарын аралап, ашказанга кирип, кайра калкылдап алкымына келип жатты. Чекесинен муздак тер чыкты. Чымыркаңып жатып муну айтты:

— Кудай жалгагыр, өз ордуңа барып олтурчу.

Уткулдун эч нерсе сезчү түрү жок. Ал башын көтөрүп, оозундагы толтура тамагы менен булдуруктады:

— Эки баштуу жеккөрдү киши меймандар менен бирге олтуруп тамак ичпейт салт боюнча. Сен билбейсиңби ошону, Ярук? Анткени анын уулу ууру, тигил мойнунда асылган — ошонун башы.

— Жаман салт экен,— деди Ярук. — Бирок башка салт да бар. Эгер мейман суранса, үй ээси олтурат.

— Мунун айтканын кара! Уурунун ышталган башын мен жыттап олтурушум керек экен да?

— Дагы бир салт бар: эгер мейман уруксат берсе, үй ээси мойнундагы башты тигиндей алып коет.

— Эмне кылса өзү билсин,— деп бурк этти Уткул.

Ярук сылык ийилип:

— Менин өтүнүчүмдү орундатып койчу, кожоюн,— деди.

Тигил мойнундагы үрөй учурган тумарды алды да, ары жакта турган идиштерди көздөй тарпылдата басып барып, башты чопо карапанын ичине салып, үстүн капкак менен жаап койду. Карапада толтура жыттуу чөптөр бар экенин Ярук байкады. Үй ээси босого жакка келип көчүк басты.

Аялдар кирип, ысык сорпо сунушту.

Сүйлөгөн эч ким болбоду. Уткул сорпону ыракаттана ичип жатты. Ярук болсо тамак жеп жаткандай түр көрсөтүп олтурду. Үй ээси да тамак жебеди.

Тамакка ык тойгон кагандын жоокери карт кекирди да, артына чалкалай берип, кайрадан сөзгө кирди. Анын үнүндө, сөзүнүн кыясында менменсинүү, шылдың сезилип турду.

— Мен сенин үйүңө көптөн бери келе элек элем, эки баштуу киши. Эсимде, сен дарыя боюна жакын көчүп келгенсиң. Бул жерге коңгонуңа көп болбоду?

— Эки ай.

— Тууганларың менен байланышасыңбы?
— Жок.
— Туура кыласың,— деди Уткул. — Сендей туугандын кимге кереги бар? Сенин айыңан бүтүндөй уруу жаман атты болот. Ал эми сен көздөн далда жүрсөң, алар менен кимдин иши болмок эле? Андан бери канча кыш өттү?
— Жыйырма.
— Көп болуптур! — Уткул жайдары жылмайып койду. —Мынча убакта сен дагы он уулдуу боло алмаксың. Бирок,— деп кошумчалады ал. — Коркунучтуу да. Кокус алар да ууру болуп чыгышсачы, а?
Үй ээси жооп кайтарган жок, бирок Ярук:
— Сен андан көрө атыңды карасаңчы, алыс оттоп кетпесин шашып жүрөм дедиң эле го?— деди.
— Ырас айтасың! Барып карайынчы. Жетелеп кете беришпесин, канткен менен уурулардын уюгу да, хе-хе-хе!
Таамай айтып койгонуна ыраазы болгон Уткул чыгып кетти.
Ярук ошол замат үй ээсине кайрылды:
— Көңүлүңдү жубатар эч нерсе айта албайм, кожоюн. Бирок башыңа түшкөн балаага эрдик менен чыдап келаткан экенсиң, айтарым ушул гана.
Үй ээси унчукпады.
— Ишенип кой, сендей кишилерди мен сыйлайм. Жанагы көңдөй немеге окшоп күлбөйм дагы. Көк Теңир менен кишилер сени аеосуз жазалашыптыр.
— Булганбаган булганганды түшүнмөк беле,— деди үй ээси.
— А сен менин ким экенимди билесиңби? Балким мен өзүм да уурудурмун.
Үй ээси меймандЫ таңыркай карады.
— Ооба, чын айтам, мен уурумун. Мен анда кичине болчумун, балапанкезим эле. Биздин багды (аймакты) Тексин-инал, семиз каман башкарчу. Менин эжем анын көңүлүнө жагып калыптыр. Ошентип эжемди алды. Бирок аялдыкка эмес — анын ага чейин эле жети аялы бар болучу,— башындагы жаздыгын оңдоп олтуруучу кызматчы катары гана алды. Калыңын да төлөдү — эки кой, анан бир аксак ат. Эжем сулуу болучу.
Ярук оң бутун сунуп жиберип, сол бутун алдына бүктү.
— Ошондо буга кылайын дедим. Жолдош балдарым менен сүйлөшүп алдым да, Тексин-иналдын жыл-

кысын тийип кеттик. Тексин-инал деген кандай киши экенин билесиңби?

— Билем.

— Оо, ошондогу чууну айтпа! Семиз каман Тексин-инал жүздөгөн жигиттерин түш тарапка чаптырды. Биз колго түштүк. Қалыска алып жөнөштү. Эмне болорубузду билгенбиз. Түн ичинде мен качып чыгып, тоо таянып кеттим. Менин досторумду асып салышты. Алардын аталары да сага окшоп балдарынын башын моюндарына асып жүрүшсө керек.

— Үй ээсинин өңү бузула түштү, анан киркиреген үн менен сурады:

— Сенин атың ким?

— Сен мени дале тааныган жоксуңбу, урматтуу Мамыр ата? Мен сенин даргага асылган уулуңдун досу Тиклич эмесминби. Бирок мени эми Ярук деп жүр. Таанубай калышың мүмкүн: андан бери жыйырма кыш өтпөдүбү! Сенин уулуң биздин башчыбыз болучу, биздин айылдын бардык жаш жигиттери ага баш ийчүбүз. Менин карындашым анын колуктусу болучу. Ошон үчүн экөөбүз семиз каман Тексин-иналдан өч алалы дегенбиз. Жолдошторубуз жардамчы болушту. Аягы эмне менен бүткөнүн өзүң билесиң. Мен гана аман калдым. Жыйырма кыш, жыйырма жыл тоодо жашырынып жүрдүм. Элден мурда тоонун боорунан кен каздым — андан ашкан жаман жумуш болбойт! Бир жакшы жери сенин тууган-уругуңду, ким экениңи сурашпайт. Анан кен казгандардан темир эриткендерге өттүм, алардан — темир усталарга. Азыр мына кашыңда олтурам минтип. Туулуп-өскөн жерди көргүм келди — сагынат экенсиң. Эми коркор эмнеси бар? Сен таанубай жатасың — башка бирөө таанымак беле?

Үй ээси жооп катканга үлгүрө электе сырттан Уткул кирди:

— Аттаналы, мени улуу кагандын өзү күтүп олтурат.

Чыгып баратып Ярук үй ээсине шыбырап калды:

— Мүмкүнчүлүк болор замат келип кетем, ата.

## БАРС-БЕКТИН ОРДОСУНДА

Ажо-кагандын ордосу бир сонун кооз жерде болучу. Майда адырлуу кенен өрөөн, жай чилдесине карабай, таштай муздак мөлтүр кашка булактар жана мөңкүп

аккан суулар. Талаа тушардан келген бетегелүү арпа, буудайдын айдоосу менен кезектешип мелтирейт. Тегерек — чети ак балтырлуу кайың токой. Андан ары кеткен бөксө тоолордун бети жыш карагай.

Кагандын ордосу дарыянын жээгиндеги кенен түздө болучу. Ал тегерете коргон менен курчалган. Ажонун ак өргөсү — сегиз канат эбегейсиз чоң боз үй, айланта тигилген көп боз үйлөрдүн чок ортосунда. Ажонун ак өргөсүнүн үстүндө узун каскакта кан түсүндөгү Мамлекеттин кыпкызыл Башкы Байрагы желбирейт. Ал Жеңиш Бергендин — уруш кудайынын, кыргыз аскеринин колдоочусунун турагы.

710-жылдын жай айынын орто чени.

Ошол жайдын жаркыраган ачык күнү кыргыздардын ажосу Барс-бектин ак өргөсүндө аскердик-мамлекеттик кеңеш толук катышып, кеп-кеңеш куруп жатышты. Кагандын эки агасы жана эки иниси ушул жерде олтурушту, баарынын тең сейрек кездешчү «Умай-бек» деген наамы бар болчу. Барс-бектин уругу бүтүндөй Көк Теңирдин жубайы Умайдын колдоосунда эле, кыргыздар аны Умай эне дешчү. Ажонун эки агасы карып калган, сексендин ары жак, бери жагындагы чалдар болучу, ал эми инилери болсо 60—65 тер чамасындагы чымыр, ким менен болсо да кармашууга даяр кайраттуу кишилер эле.

Үч башкы кеңешчи, үч башкы кол башчы да ушул жерде олтурушту. Биринчиси, Тексин-инал деген, кыргыздардын оң канатын башкарчу, экинчиси. Кулчор,— сол канатын, ал эми үчүнчү Эзгене-ичреги ажого жалпы жетекчилик кылууга жардам берчү. Эзгене-ичрегинин жанында кагандын дагы бир жеке кеңешчиси, белгилүү дипломат, Булсар уруусунан чыккан Эрен улуг олтурат.

Кыргыздардын өлкөсүнүн алты аймагын — (багын) — башкарышкан алты инал (князь), ири феодалдар да ушул жерде. Алардан тышкары даражасы төмөнүрөөк кадырлуу адамдар: он башкаруучу, 15 иш алып баруучу жана күчтүү уруулардын башчылары бар.

Бул официалдуу мамлекеттик адамдардан тышкары ажонун ак өргөсүндө сыйлуу орундарда эки ардактуу конок, күчтүү мамлекеттердин эки элчиси олтурушту. Алардын бири, чачыларында чыны жылаажындар илинген асемдүү баш кийимчен, үстүнө ар бирине бирден козу батып кеткидей кенен жендүү, кооз, кымбат

баа жибек чапан кийген Тан падышачылыгынын өкүлү — Тао Гу.

Беркиниси, көчмөндөрдүн мыктылары кие жүргөн жөнөкөй эле кийимчен, түргештердин Сакал-каганынын ишенимдүү кишиси Баглила деген болчу. Элдин айтуусуна караганда, Жети-Суу өлкөсүндө ал бүтүндөй бир аймакка бир шаары менен кошо ээлик кылчу.

Төрдүн төбөсүндө кыргыздардын туу туткан сыймыгы, ажо Барсбек Ынанчу Алп Бильге-кагандын өзү олтурду. Ал кызыл жүздүү, чачы, сакал-муруту, кашына чейин куудай аппак, жетимиш үч жаштагы, али алдуу, күчтүү чал эле. Башында жээгине алтын кыюуланган, төбөсү бийик ак калпак. Мындай ак калпакты кыргыздын мыктыларынын баары кийишчү, бирок алтын кыюуланган калпак кийүүгө ажо гана акылуу эле.

Барс-бек жөнүндө эл ичинде ар кандай уламыштар айтылчу. Ал жаш кезинде аскер өнөрүнөн алдына киши салбаган, ат үстүнөн оодарып эч ким албаган, төрт тарабы төп келген укмуш жигит болгон экен. Жаштар арасында кадыр-баркы зор болгон. Эр жетип, жол башчы болгондон тартып (курултайда эл шайлаган), адилеттиги жана акылдуулугу менен элдин сүймөнчүгү болуп калды: анын кылган ишинин баары кыргыздардын бардык урууларына үчүн пайдалуу болду. Ал бийликке келген мезгил чыгыш түрктөрү (Орхон) татарлардын, куруккандардын, тогуз огуздардын, отуз татарлардын биримдигин талкалаган мезгил болучу. Барс-бек урушка аралашпады жана ошону менен аскерин сактап калды. Талаанын көчмөн элдеринин ичинен Талаанын Ээлерине эми жалгыз гана кыргыздар коркунуч туудурмак. Ырас, батыш жакта түргөштөр бар болучу, бирок алар алыс ал эми кыргыздар болсо чыгыш түрк каганатынын сол бөйрөгүнө сайылчу канжардай болуп, жанында турбайбы. Ал эми Барс-бек ажо өзүнүн толук көз каранды эместигинин белгиси катары каган наамын алганда, чыгыш түрк Капаган-каганы сокку уруунун учуру келди деп ойлоду.

Өтө күчтүү түрк аскерлери кыргыздардын өлкөсүнүн чегине келди. Бирок Талаа Ээлеринин андан ары жолу болбоду. Кыргыздардын колу жоонун чабуулун токтотту. Барс-бектин каганга койгон шарты аны тынчтык сунуш кылууга мажбурлады.

Ошентип тынчтык бүтүмүнө келишти. Капаган-каган өзүнүн кадыр-баркын сакташ үчүн Барс-бекке каган наамын ыйгарды, ал аз келгенсип, чүрөктөй сулуу

жээнин берди зайыптыкка. Бул анын Барс-бек өзү менен бирдей даражада экенин мойнуна алгандыгы эле.

Барс-бек түрк каганатынын күч-кубатын, элинин көптүгүн жакшы билчү, урушка даярдыктын айырмасын да эстен чыгарган эмес. Капаган-кагандын жоокерлери, талаа каракчылары ат жалын тартып мингенден баштап тынымсыз жортуулдарда жүрүп, уруш ишине жедеп маш болушкан. Алардын урушта жан кечтилиги, чыдамкайлыгы жана өлүмдөн кайра тартпаган өжөрлүгү жалпыга белгилүү болчу. Экинчи Чыгыш түрк каганатынын негиздөөчүсү, тактыга көтөрүлгөндөн кийин Ильтергил-каган (682—691-ж) деген ысымга ээ болгон Кутлуг-чор талаа урууларына бир нече ирет сокку уруп, анан чек арага коюлган тандык отряддарды талкалаган. Ал эми анын иниси жана мурасчысы азыркы Капаган-каган, Хуанхэ дарыясын алты ирет кечип өтүп, Түндүк Кытайды тыптыйпыл талкалаган эле. Ошондо баш-аягына көз жетпеген кирелер Орхон дарыясын карай чубады, миңдеген кытай дыйкандары мойнунан аркан менен жетеленип, кулдукка айланды.

Капаган-кагандын аскерлери батышта Тарбагатай менен Алтайга чейин жетип, тургештердин Орто Азиядагы ээлеген жерлерине кирип келди.

Мына ушундай коркунучтуу күчкө Барс-бек каршы тура алат беле? Ырас, кыргыздар да жоокер эл, куралжарагы да мыкты. Бирок алардын тигилерчелик тажрыйбасы, дайыма урушка машталып турган белендиги жок.

Жашоо шарты айланадагы башка жерлерге караганда жумшак, бышыкчылыктуу. Миң-Суу ойдуңунда кыргыздар дыйканчылык кылышат, таруу, арпа, буудай айдашат. Өзөн боюндагы жашаңда жана бетегелүү талаада малы семирип ньк болот. Мал кыргыздардын чарбачылыгында басымдуу, негизинен жылкы, кой, уй, ал турсун төө кармашат. Кыргыздардын аттары башы чоң, чалыш болот; көрктүү деп айта албайсың, бирок чыдамкайлыгы мыкты: алыс сапарга чыксаң талыкпайт, түздө да, өрдө да бирдей жүрөт, кандай катаал кыш болсо да кол карабайт. Кар тээп, этинен ообой кыштан чыгып кетет. Кыргыздар аттарын өтө бапестешчү, мыкты атына мыкты уулуна сыймыктангандай сыймыктанышчу, ал эми айтылуу Орто Азиянын аргымактарын баркташчу эмес — алар бул жердин шартына туруштук бере албайт, узак жашабайт.

Кыргыздардын дагы бир сүйгөн иши аңчылык эле.

Аң деген неме бул жерлерде өрүп жүрчү: марал, элик, эчки, теке, кабарга, тарпан, багыш — санап түгөтө албайсың. Ажо-каган Барс-бек өзү тайгандар менен ууга чыкканды бул жалгандын ыракатынын жеткен чеги деп эсептечү. Териси баалуу айбанаттар да бул касиеттүү жерде сансыз боло турган. Аң терилеринин да коңшу «токой» элдерине керектүү буюм-теримдерге алмашып алып турушкан.

Кыргыздар кол өнөрчүлүгү менен да сыймыктанышчу. Бөтөнчө алардын тоо кенчилеринин атагы алыска кеткен. Чектеш мамлекеттер айтылуу кыргыз кылычын, зоот-чопкутун, канжарларын, ийлеген терилерин өтө жогору баалашчу. Енисей боюн VI кылымдын орто ченинде багындырып алышкан түрк кагандары баарыдан мурда кыргыздардан салыкты «темирлей» берүүнү талап кылышчу.

Кыргыздарда карапа жасоо кол өнөрчүлдүгү жогору даражада болгон. «Кыргыз кумаралары» деп аталган алардын «көркөмдүү» (окумуштуулардын айтуусу боюнча) карапалары ушул азыркы кезге чейин археологдорду таң калтырып да, суктандырып да келатат. Миң-Суу ойдуңунун эли соода-сатык да жүргүзүшкөн. Алардын аң терилүү жерлеринен Орто Азиядан Улуу Жибек жолунун бир тармагы өткөн: Миң-Суу ойдуңунан археологдор кытай жана согду буюмдарын таап жатышат.

Ошентип кыргыздардын өлкөсү элдин турмушуна зарыл нерсенин баарын берип турган, андыктан опурталдуу алыс жортуулдарга чыгууга аларда бөтөнчө куштарлык болгон эмес. Кыргыздарда уруш тажрыйбасынын аздыгы мына ушул жагдай менен түшүндүрүлөт. Андай болсо саны жагынан 2—3 эсе аз кыргыздар Талаанын Ээси — Чыгыш түрк каганатына каршы тура алат беле?

Жок. Демек сырттан союздаш издеш керек.

Ошентип Барс-бек аларды тапты. Ал Тан императору менен келишим түздү да, өзүн анын вассалымын деп билдирди. Жети-Суу түргештерине Эзген ичрегини баш кылып элчи жиберди.

Ал бери жагы. Союздаштарына көп ишене бербей (кийин дал ошондой болуп чыкты), Барс-бек аларга билдирбей Тибетке элчилик даярдады; аны ишенимдүү досу, буга чейин төрт ирет дипломатиялык миссияга башчылык кылган Эрен Улуг жетекчилик кылмак.

## ЖААЛДАНГАН ЧЫДАМСЫЗ МЫРЗА

Барс-бектин бул активдүү аракеттери Капаган-кагандын ордосунда катуу нааразылык туудурду. Анын иниси, өктөм жана чалпоо мүнөзү үчүн Жаалдуу жана Чыдамсыз аталган атактуу баатыр Күлтегин Барс-бекке элчи башчысы болуп барууну өзү суранды.

Элчилик ультиматум жана опузалоо алып келатты: ал өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Түрктөр ордого келишти. Эми ажонун ак өргөсүнө Күлтегиндин өзүнүн келишин күтүп калышты. Барс-бек бул кабылдоого Кытай менен Түргештин элчилерин атайын чакырган: текеберлүү ханзада түрктөргө каршы жаңы союздун күч-кубатын өз көзү менен көрсүн!

Түрктүн келишин күтүшүп, сөз анча кызыган жок: айтылчу сөздүн баарына айтылып бүткөн. Аңгыча сырттан кобур-собур, курал-жарактын шаңгыр-шуңгуру угулду. Мейман башчы кирди да, жарыялады:

— Көк Теңирдин уулунун, Бөрүнүн уулунун, Теңир колдогон Түрктүн элчиси, балбан билек, таш жүрөк Ашын уруусунун кадырман уулу Күлтегин баатыр!

Эшик түрүлдү да, тез-тез кадамдап, узун бойлуу, кең далы, зыңкыйган жоокер босогону аттады. Сакал-муруттун чыгаарынан кабары жок жалпак бет жаш жигиттин өңү өтө серт экен. Агы саргыч жүлжүгүй кара көздөрү короолу кой көргөн жырткычтан бетер олтургандарды тез кыдырата карап өттү. Бийик, чечкиндүү үн менен салам айтты да, төр жакты тигилип карап калды.

Барс-бек олтурган ордунда боюн түзөп:

— Биз Улук меймандын келишине курсантбыз! Ал эрдигине, даражасына жана туулган укугуна жараша өзүнө ылайык ардактуу орунду ээлесин!

Күлтегинди урмат менен олтургандардын алдынан ээрчитип өтүп, тактыга жакын, бирок Кытай жана Түргеш элчилеринен кийинки орунга олтургузушту. Ансыз эле кабагы салыңкы түрктүн жүзү таптакыр түнөрдү да калды.

Алдыга тамак алып келинди. Мындай учурда адатта айтыла жүрчү сылык-сыпаа сөздөр башталды. Барс-бек нарк боюнча суроо таштап олтурду:

— Менин тууганым, Теңир жылоологон Түрк, Көк Бөрүнүн уулу эсен жүрөбү?

— Эсен-соо!.. — жооп катты элчи. — Өзүнүн достору менен карамагындагыларга да ошону каалайт, ал

эми душмандары менен ичи тар көрө албастарга — өлүм!

Мындай ашкере кеткен өкүмдүккө карабай, Барсбек сөзүн улантты:

— Түрктөрдүн жергеси бейкут жатабы? Малы-жаны эсен-аман дүркүрөп өсүп жатат бекен?

— Жерибиз бейкут, эсен-аман, дүркүрөп өсүп жатат,— деп чорт-чорт жооп катты Күлтегин. — Жергебиз кеңейүүдө. Ал биздин улуу Бумын-каган менен Истеми-кагандын мамлекети ээлеген жерлерин камтып бүтмөйүнчө кеңейе берет. Чабалдар муну моюндарына алышы керек.

Аңгыча түргештердин элчиси Баглиланын үнү угулду:

— Албетте, баарынан жакшысы — болгонуна канаат кылуу. Бул — коңшулар ортосундагы тынчтык. Ар ким өзүнүкүн ээлеп, бирөөнүкүнө көз артпасын.

Күлтегин ал тарапка шарт бурулду:

— Силер түргештер, биздин Ашын уруусунан чыккан Истеми-кагандын урпактарынын бийлигин таанygансыңар! Силер бар болгону Он жебе элинин ичиндеги аз калк элеңер жана колуңарда бир гана жебеңер бар болучу. Силердин башчыңар «Элтебер» деген наамга ээ болгон жана башка элтеберлер менен бирге Истеминин тактысынын сол тарабында обочо жерде олтурчу. Ал эми силердин Сакалыңар Ашын уруусунан чыккан немеден бетер «каган» аталып алыптыр! Өзүн өзү «каган» атап алгандан күчтүү болуп калам деп ойлосо керек ал! Жок! Дүйнөдө жалгыз гана чыныгы каган бар — ал элкин Талаанын Ээси Көк Теңир колдогон Түрк Капаган-каган, менин агам! Мезгил келет, биздин аттардын дүбүртүнөн баарыңардын төбө чачыңар тик туруп, биздин кылычтан баарыңар талаанын бетегесиндей жалп-жалп кулайсыңар!

— Бул түздөн-түз опузалоо!— деди ачууланган Баглила, үнүн бийик чыгарып. — Бул элчи эмес эле бизди кордогону келген неме!

— Жакында биз опузалагандан ишке өтөбүз!— деди Күлтегин.

Тандын элчиси Тао Гу сөзүн салмактуу жана сылык баштады:

— Жакшы маек... Жакшы адамдар... Катуу сөздүн кереги не...

Күлтегин аны көздөй бурулду:

— Ии, сөз сага келдиби, табгач! Биздин уруксатсыз

бул жерде, биздин вассалдын ак өргөсүндө, олтурууга кандай акың бар? Сенин каганыңдын эки жүздүүлүгү жана жойпулугу үчүн Сары дарыяны алты ирет кечип барганыбыз силерге аздык кылдыбы? Эми жетинчи ирет барса деп турасыңарбы! Бирок айтып коеюн, андай болсо биз жалгыз Түндүк менен токтоп калбайбыз, силердин борборуңарга чейин кирип барабыз да, падышаңардын гүлзарларына боз үйлөрүбүздү тигебиз!

Барс-бек Күлтегиндин элчилерди басмырлап жатканына ичинен ыраазы да эле. Мейли, тигилердин жиндери шакардай кайнасын, барып өкүмдарларына айтышсын! Ошондо текеберлүү түрктөр баарынын элдешкис душманы болот да, аларга каршы биримдик чыңалат.

Бирок Күлтегин адисинен ашып кетти. Эми Барс-бек кийлигишпесе болбой калды.

— Кадырманым! Менин өргөмдө бир мейман экинчи мейманды кордобойт. Ага салт жол бербейт.

Күлтегин Барс-бекке бурулду да, шылдыңдагандай айтты, көзүнөн болсо каары чачырап турду:

— О, акылманым! О, ак сакалым! Андай болсо сен эмне үчүн Теңир колдогон Турктүн уруксатсыз мындай меймандарды кабыл аласың?

— Теңир колдогон Түрк менин жеримде мага буйрук бере албайт,— деди Барс-бек.

— Ушундайбы? Андай болсо алты муунунан бери уруусуна салык төлөп келаткан кыргыздар эмей ким эле? Бизге кылыч согуп берип тургандар ким эле? Кул менен баалуу аң терилерди бизге ким берчү эле? Качантан бери мынчалык баатыр болуп калдыңар?

— Көптөн бери,— деди Барс-бек. —Силердин бийлигиңерден бошогондон бери! Андан бери кырк кыш өттү.

— Менин агам, улуу каган, силердей ээн баштарга өтө эле боорукерлик кылат. Ал турсун сага менин карындашымды алып берди. А сенин кылганың эмне? Акылсыз ээн баштыкбы? Сен, жөргөмүштөн бетер, олтуруп алып, желе тартып жатасың! Бирок билип кой, биз чымын эмеспиз, сенин желеңе түшкүдөй, ошондуктан сак бол!

Ушул жерден баары бир оолдон дуулдап жиберишти:

— Уятсыз!

— Бул салт-санаанын баарын тепседи!

— Каганга тил тийгизди!

Күлтегин бөрүдөн бетер бүтүндөй тулку менен бирде оңго, бирде солго бурулуп, жаалдана кыйкырды:

— Силердин ажоңорго каган деген наамды менин агам берген! Боору оорут! Бирок ал наамды кайра алып коюуга да акылуу! Кызматчысын жакшы иштегендиги үчүн сыйлайт, баш ийбесе камчы менен сабайт!

Буга чыдоого мүмкүн эмес эле. Жаалдуу жана чыдамсыз ханзада талаанын жол-жосунунун баарын бузду, эми элчилик кол тийбестиктен үмүт кыла алмак эмес. Туш тараптан каардаңган үндөр угулуп жатты:

— Акмакка өлүм! Уятсызга бул жерден орун жок!

Аны көздөй көптөгөн колдор созулду. Бирок анын жанына баарыдан мурда эки аттап Куличор жетип барды да, жапжалпак болгон беттен ары «чуу» дедире тартып жиберди. Күлтегинди буттан алып жерге көтөрүп урушту. Бирок бул чуру-чууну Барс-бектин сүрдүү доошу басып кетти:

— Токтоткула!!!

Топурагандар оолактай беришти. Тактынын алдында жерден жөлөп тургузулган Күлтегин турду; мурдунан кан кеткен, бир көзү көгөрүп шишип чыккан. Төрт иш башкаруучу эки жагынан кармап турат.

— Өлтүрүүгө болбойт,— деди Барс-бек. — Меймандар бар...ак өргө. Талаанын салтын баарын жакшы билесиң. Ошол салтка ылайык жазалайбыз аны. Ага чейин колу-бутун байлап, жыгач үйгө камап койгула.

Күлтегинди сыртка сүйрөп жөнөштү. Сырттагы чуру-чуу үйдөгүдөн да катуу эле — элчинин кошчуларын куралсыздандырышып, байлап жатышкан...

Кеңеш кайра уланды. Барс-бек мындай деди:

— Уруш өрттөй жалбырттап, биздин чегибизге улам жакындагандан жакындоодо. Бул Капаган-кагандын бизге Жаалдуу жана Чыдамсызды жибергендигинен эле көрүнүп турат. Баарыбызга белгилүү, Күлтегин курал-жаракты урунганды билгени менен Акылды жана Сөздү урунууну билбейт.

— Уруш баары бир болбой коймок эмес,— деди Эрен Улуг. — Эки аюу бир чээнге батпайт.

— Ошондуктан сапарыңды тездет,— деди каган. — Убакыт аз. Душман күчтүү. Бизге ошондой эле күчтүү союздаштар керек.

— Баары даяр, таксыр. Менин оюмча бир айдан кийин аттанабыз сапарга.

Көпкө ойлонушту: Күлтегинди эмне кылуу керек?

Өлтүрүү керек, дешти бир даары. Анткендер көпчүлүк болчу. «Кулагын кесип, кордоп, анан кыргыздын жеринен көчүккө тээп кууп чыгуу керек» — дешти дагы бир даары.

Ажо Барс-бек Ынанчу Алп Бильге дале ойлонуп жатты...

## БАКШЫЛАРДЫН ИШИ

Уткул убадасын бүт өтөдү. Ал өзүн суудан тартып алган кишиге тогуз күнү той кылды. Анан туугандарын кыдыртып чыкты. Ярук белек-бечкекти белчеден алды. Уткул өзү төмөнкүлөрдү сунуш кылды:

— Коюмдун теңин ал! Атымды ал! Төөмдү ботосу менен ал!

— Аларды алып кайда батырам? Сенин болсо малыңды багып берүүчү аз элинен туткундап келген малайың бар, мен өзүм багышым керек. Менин ал турсун үстүмдө үйүм да жок.

— Каалаган үйүңдү ал, менин үч боз үйүм бар дебедимби.

— Сенин үй сайын бирден катының олтурат, бир үйүңдү мага берип койсоң, үйсүз калган катынды кайда алпарасың?

— Бир катынды үйү менен кошо ал! Карачы, аздык катыным кандай жаш, кандай сулуу! Дайыма казандагы суудай кайнап турат! Ал, өкүнбөйсүң!

Ярук кантип кутулууну билбеди.

— Мен бир аз туш тарабымды каранып, көнүгөйүн. Бул жерлерде болбогонума көп жыл болбодубу. Туугандарымдын баарынын көзү өтүп кеткен, мен канаткуйруксуз, момолойдон томолоймун. Ошондуктан ойлонуштурайын эмне кылууну.

— Менин аздык катынымды ал! Жигитке бир катын дайыма керек. Балалуу болосуң, уучуң узарат.

— Мени кечирип кой, азамат жоокер, бирок бул тартууңду мен кабылдай албайм.

— Кантип? Сенин катының жок да!

— Мага катындын кереги жок. Өзүң ойлочу: мен каганга кызмат кылганы келбедимби. Катынга убактым болобу? Катын дегенди да багуу, кароо керек. Мени болсо бир кап белек-бечкегимден башка же үстүмдө үйүм, өрүшүмдө малым, урунаарга буюмум болбосо?..

Ошентип баары кайрадан башталат.

Уткул дароо үйүн, койлорун, ботолуу төөсүн кайрадан тартуулайт...

Акыры Ярук макул болду:

— Болуптур, жакшы болот, анда мындай кылалы: аздык катындын үйү, мал-башы менен азырынча сеникинде болуп турсун. Мен керек деген күнү эки дебей бересиң.

— Мунуң дурус кеп! — Уткулдун дароо көңүлү ачыла түштү. — Ошондой болсо да аздык катындын инисин кошо ал! Сага да малай керек: атыңды багат, курал-жарагыңды тазалайт. Боюнун кичинелигине, жаштыгына караба. Өтө чыйрак, иштемчил жигит. Колунан баары келет, чарчоо дегенди билбейт.

— А сен эмне кыласың, малыңды ким багат?

— Мени башка койчу таба албайт дейсиңби? Аны ойлобой эле кой.

— Болуптур, болуптур!— макул болду Ярук. — Кичинекей азыңды алайын. Канткен менен да эркек эмеспи, жок эле дегенде өз жанын өзү багат.

...Күлтегин менен болгон чатактан соң каган карагайдан аштап салынган түрмөгө күзөт башчы кылып Уткулду дайындашты.

Туткун түн бою жыгач үйдө капастагы жолборстой урунуп-беринип чыкканын күзөтчүлөр угуп турушту. Ал эми эртең менен малай ага тамак алып келгенде, туткун тигини качырып сала берип, аз жерден өлтүрүп кое жаздады. Жыгачтан оюп жасалган татынакай идиштерди тамагы менен кичинекей терезеден алыс ыргытып жиберди. Терезеге тартылган буканын табарсыгы айрылып жатып калды.

Ушундан кийин ага тамак бергенди токтотушту. Үчүнчү күн дегенде гана сабы узун чөмүчкө суу алып келип, терезе аркылуу сунушту. Туткун аны шарт жулуп алды: куркулдатып ач көздүк менен ичип жатканы угулуп турду.

Беш күн болгондо терезеден туткундун жапжалпак көсөө бети көрүндү.

— Эй!— деп кыйкырды Күлтегин.

Күзөтчүлөр келишти.

— Жегидей бир нерсе алып келгиле.

«Ии!— деп табасы канды сакчылардын. — Ачкачылык деген душман сага окшогон баатырды да жеңет экен го?!»

Малайлар жаалдуу туткундун үстүнө кирүүдөн баш

тарткан соң, сакчылардын башчысынын жаңы досу Ярук «мен барам» деди.

— Абайла!— деди Уткул. — Тамакты жерге кой да, дароо артыңа кайт.

Ярук шылдыңдуу жылмайды:

— Баары жайында болот. Сага айтам деп унутуп коюпмун, мен деген бакшымын. Демек бакшыга эч ким тие албайт.

— Бирок тигил сенин бакшы экениңди билбейт да.

— Мен ага айтам. Анын үстүнө сен мага белек кылып берген кичинекей азды ээрчите кирем. Аздар бири калбай бакшы болушат. Эки бакшынын алдында бир киши былк эте албайт.

Уткул таң калганынан оозун ачып, ээгин кармап калды: анын малайы, кичинекей аз кандайча бакшы болуп калды? Анын билбегенин кара!..

Ошондон баштап Ярук менен кичинекей аз күнүнө эки жолу өздөрүнүн ыктыярдуу милдеттерин так аткарып турушту. Бул жарым айга созулду.

Бул учурда кагандын буйругу боюнча бардык жайлоолорго, конуштарга чабармандар кетти. Күлтегинди жазалоо үчүн башчылары ордого курултайга чогулушу керек болчу. Ошону менен бирге даанышман Барс-бек алдыда болуучу кандуу кармаш жөнүндө бүт элди кабардар кылып коюуну чечти. Эл чындыкты билсин да, даярдана берсин! Мындай иште камырабастыктан ашкан жаман нерсе жок.

Кагандын буйругу боюнча жыгач үйлөр — кампалар — курулду, ага өлкөнүн туш тарабынан азык-түлүктөр ташылып келинип салынды. Тоо арасындагы айылдар күчтөп темир эритүүгө кириишти. Темир усталардын айылында күңдүр-түңдүр барскандын дөшүгө «чака-чак» урулганы басылбады өтө көп курал-жарак даярдалып жатты.

Жайдын акыркы айынын жарымы ченде башында тажрыйбалуу Эрен Улуг турган элчилик Тибетти карай сапар тартты. Тибет менен болуучу биримдиктен каган чоң үмүт кылган эле. Бирок анын натыйжасын келерки жаздан эрте күтүүгө мүмкүн эмес болучу.

Алдын ала билдирип кетели: Эрен Улук сапардан кайткан жок. Ал же Тибетте ооруп өлгөнүн, же бирөө колдуу болгонун биз билбейбиз. Эмнеси болсо да Барсбек абдан ишенген бул биримдик болгон жок.

Уруу башчылары агылып келе башташты. Күлтегин болсо Жыгач үйдө олтурду...

Ай үчүнчү ирет бөксөрө баштаган күндүн биринде Ярук досу Уткулдан эки күнгө бир жакка барып келүүгө суранды. Тамакты туткунга кичинекей аз алпарып турат. Уткул, албетте, уруксат берди. Ал дале таң калганынан тайган жок: Ярук кичинекей аз экөө Жалдууга барган күндөн баштап, тигил боз койдон момун болду да калды — эч дабышы билинбейт. Бакшы болбосоңор кое калгыла!..

Ярук болсо атын токунуп минип, тоо тарапты көздөй бет алды. Түш ченде Эки Баштуу кишинин конушуна жетти. Баягыдай балдары менен катындары кыйкырган бойдон боз үйгө кире качмай болушту эле, бирок келаткан кишини тааный коюшуп, токтоп калышты. Караан көрсө качырып сала берчү байдөбөт бир-эки ирет арсылдаган болду да, күтүүсүз жерден жагына кыңшылап, куйругун шыйпаңдатып жиберди. Алдыдан утурлай чыккан Эки Баштуу кишинин эч качан ачылбаган кабагы бул сапар ачылып, жүзүнө жылуулук кирди.

Ярук аттан түштү, чылбырды чуркап келген балдарга таштап, башын ийип, бетин кишинин төшүндөгү илинген башка тийгизди. Анан мындай деди:

— Ата, өтө олуттуу иш бар.

— Жүрү, үйгө кирели. Азыр тамак келет.

...Алар боз үйдө кыйлага чейин сүйлөшүштү. Ярук узап жатканда чал мындай деди:

— Баары жайында болот, уулум. Баарын сен айткандай аткарам. Семиз чочко Тексиндин жылкысынан ат кармайм. Кайсы үйүрдөн алышты билем...

Ажонун ордосуна көп уруу башчылары жыйылды. Өтө маанилүү маселелер каралмак. Бирок каган келгендерге баарыдан мурда жакшылап үлпөт тамак бердирмей болду. Салт ошол. Тамак жайнаган дасторкон четинде сөз жакшы жүрөт, көңүл жакшы уюйт.

Уткул, мейли эң четинде болсо да, ошол салтанаттуу тамакка катышып олтургусу, көргүсү келди. Ярук досун ынандыра айтты:

— Эч нерседен кам санабай бара бер! Күлтегин чыккыс болуп бекитилген. Анын жолдоштору да бекем жерде. Мага бир нече жоокер калтырсаң болду — баары жайында болот.

— Ырас эле! Эмнеден чочуйм? Ал эми мындай салтанат дайыма боло бербейт. Анын үстүнө уруш да жакындап келатат.

Уткул кетти. Үч сакчыга Ярук бир чанач кымыз,

койдун жаш этин алып келип берди. Сакчылар кайыңдын түбүнө олтурушуп, тамакка киришишти. Куугүм кирери менен баары коңурукка кирişти. Кымызга уктатуучу дары кошулган эле.

... Ордодогу салтанат түн ортосунан оогончо созулду. Акыры таң алдында ал да тынчыды.

Август түнүнүн таңында Ярук жыгач үйгө кирди. Караңгыда Күлтегиндин көзүнүн агы жылт этти.

— Баары даяр, баатыр! Сакчылар уйкуда, калгандары да.

— Менин жигиттеримчи?

— Жолдошторуңду кичинекей аз азыр бирден бошотот. Аттар булак боюнда, мындан жүз кадам ары.

Экөө жыгач үйдөн шырп алдырбай чыгышты. Сейрек жылдыздардын арасында нуру өчүп бараткан ороктой ичкерген ай кылтыят. Кайыңдын түбүндө сакчылар коңурукту кош тартышууда. Күлтегин алардын үстүнө эңкейди. Кыска «а-а» дегенсиген үн чыкты да, кыркырап барып, өчүп калды. Теребел кайрадан тынчый түштү. Күлтегин колуна кылыч, канжар алып басып келди.

— Бекер кыласың, баатыр. Алардын зыяны жок эмес беле.

— Душмандын саны үчкө азайды,— деди тигил. — Эми тездегиле!

Булактын жанындагы кайың токойдон аттардын бышкырганы угулду. Эки Баштуу кишп төрт тестиер уулу менен отуздай токулгалуу атты кайтарып турушту. Аңгыча кышылдашып Күлтегиндин жан-жөкөрлөрү жетип келишти. Алдында кичинекей аз.

— Аттангыла!— деп буюрду Күлтегин.

Кичинекей аз жалбара кайрылды:

— Мырзам! Мырзам!

— Айт!— бурк этти Күлтегин.

— Чоң мырза менин эжемди куткарам деп убада берген болучу.

— Келесоо десе!— деди ханзада өкүнгөн түр менен. — Эмне деп жатканыңды билесиңби деги! Азыр ал мүмкүн эмес. Бир аздан соң куугун башталат. Бир нече айдан кийин биз кайра келебиз. Ошондо кыргыздарды Умай энесинин өзү да сактап кала албайт.

— А мен аны кантип билем?

— Сен азыр мени менен кошо кетесиң. Кийин бирге келебиз, өч алуу үчүн. Коркпо, акылсыз, эжеңди бошотобуз! Уруштун кудайы биз тарапта!

Күлтегин Ярукка кайрылды:

— Аттиң ай-е! Асып жиберет деп ойлоп, асыл таш шакегимди катып койдум эле, унутуп таштапмын. Бир жортуулда табгачтардан түшкөн олжо эле. Айтууга караганда табгачтын каганынын өзүнүкү имиш. Өтө баалуу оокат. Бирок ал үчүн кайра бармак белем.

— Мен барып келем,— деди Ярук. — Кайда каттың эле?

— Терезенин түбүндөгү жыгачты сууруп алсаң, оролгон чүпүрөк чыгат. Ичинде шакек бар. Бирок сен үлгүрбөйсүң, ордо жакында ойгонот.

— Үлгүрөм. Алып келип берүүгө убада берем.

Атчандардын тобу бет алып, дүбүрөп жөнөп берди. Ярук артка тартты.

... Жерге жарык кирди. Уткул түнкү үлпөттөн кийин башы кеңгиреп ойгонуп, оюна дароо сакчылар менен кайтаруудагылар келди. Дароо жыгач үйгө бет алды.

Кайындын түбүндө эмнегедир кызыктай жатышкан үч күзөтчүсүн көрүп, жүрөгү болк дей түштү. Чуркап жетип келди.

Баары мууздалган! Жыгач үйдүн эшиги аңырайып ачык. Эки секирип босогосуна жетти. Үйдүн ичинде кимдир бирөө кыбырап жүрөт. Ярук! Туткун көрүнбөйт.

Уткул болгон ишти түшүндү.

— Ой, шүмшүк,— деп кыйкырып жиберди Уткул. — Сен мени алдаган экенсиң да! Мен сени бир туугандарымдан артык көрүп жүрсө!

— Ооба, алдадым,— деди Ярук, боюн түзөп. — Сени эле эмес. Барс-бектин өзүн да! Эми Күлтегин жеткирбейт.

— Чыккынчы! Каргыш тийгир! Өз элин саткан жек көрдү!

— Өз элимби?— деп кыйкырды Ярук. — Өз эл деген эмне ал өзү? Менин үй-бүлөмдү бүт кырып жок кылган семиз чочко Тексинби? Же эси жок балдарынын айыбы үчүн өмүр бою аталарын жазалаган сага окшогон арам тамак бок курсактарбы?.. Андай элдин мага кереги жок! Менин элим адилеттик кайда болсо — ошол жакта! Күлтегин эми силерге жеткирбейт.

— Ууру жана уурунун уулу! Мени суудан сенин алып чыкканыңды кара! Андан көрө агып өлсөмчү! Сенин колуң ыпылас! Түрк кетсе — кетсин, бирок сен кутулбайсың. Мен сени өз колум менен өлтүрөм.

Уткул колундагы кылычын жаландатып, отургучтан артыла секирди. Ярук өз кылычын сууруду. Экөө кы-

лычтарын айкалыштыра тиктешип калышты. Тажрыйбалуу жоокер күчтүү душманга туш болду. Ярук бекеринен бир нече жыл тоодо курал соккон эмес да — усталар кылычташкандан алдына киши салбаган чебер болушат.

— Абайла!— деди Ярук шылдың менен, Уткулдун соккуларын жеңил-желпи майтарып. — Сенин курсагыңды бекеринен тешип салбасам экен, Уткул баатыр! Катары менен үч катынды жесир калтырып кереги эмне! Сен андан көрө катындарыңа бар да, мени кое бер.

— Сен эми кутулбайсың!— жаалданды Уткул.

Ярук айлакерлик менен тигинин колундагы кылычын түшүрө чапты. Ошо замат кылычтын учун бирде кекиртегине, бирде курсагына такап, аны эшиктен бурчту карай сүрө баштады.

— Мени кое берсең өзүң аман каласың?

Уткулдун жини шакардай кайнады. Ал Яруктун кылычын колу менен кармоого аракеттенди, бирок Ярук карматпады. Ошондо Уткул эмне болсоң ошо бол дегенсип, кылычка бой таштады. Бирок Ярук кылычын колдонгон жок, ал кытайлардын ыкмасын колдонду — колунун сырты менен ичке урду. Уткул кыйган талдай бүк түштү.

— Эч нерсе эмес, туруп кетесиз.

Ярук терезеден чуркап келаткан кишилерди көрдү. Ал каалганы бек жаап алды. Жыгач үй курчоодо калды.

— Мына эми иш бүттү,— деп кобурады Ярук. — Шакекти болсо жеткирип бере албай калдым.

Каалганы каккылашты. Акыры күчкө салып, ыргыта коюшту да, кирип барышты. Жерде чабалактап Уткул жатты, андан эки кадам ары жүрөгүнө кылыч сайылып, кылычтын сабын кош колдоп кармаган боюнча жаткан дагы бир кишини көрүштү.

Ажонун жоокерлери жыгач үйдү таштап, Күлтегин нөкөрлөрү менен кеткен тарапты карай чаап жөнөштү: таңкы шүүдүрүмдө аттардын изи даана көрүнүп турган.

Из аларды Эки Баштуу кишиникине алып келди. Алдыдан ажылдап үрүп чыккан байдөбөттү бөлө чаап таштащты. Боз үйдөн ээси чыга келди — сыягы уктаган эмес көрүнөт. Аттан ыргып түшкөн үч-төртөө аны түртүп жиберишти да, үйгө кирип барышты. Үй бош болучу.

— Күлтегин кайда, түрктөр кайда, как баш?!— деп айкырык салышты жаалданган жоокерлер, үй ээсин

буттары менен тепкилешип, кимдир бирөө аны өйдө тургузду.

Эки Баштуу киши тоо тарапты көргөздү.

— Эми аларга жетпейсиңер.

Аны кылычтап салышты. Отряддын башчысы Күрсүл мындай деп буйрук берди:

— Өрттөбөгүлө өлүгүн. Жеккөрдүнүн тарпын карга-кузгун таласын.

Отряд шүүдүрүмдөгү изди кууп, тоону карай салды.

Күлтегиндин качып кетиши болуп көрбөгөндөй бүлүк түшүрдү. Уткулду суракка алышса, оозунан жарытылуу сөз чыккан жок — катуу сокку жеген неме али эсине келалбай жатты. Эки Баштуу кишинин үй-бүлөсүн бүт кырып салышты: мындай кара ниет, каргыш тийген үй-бүлөдөн баары бир жакшы тукум чыкпайт.

Барс-бек Уткулду жазалаган жок. Бирок ага башка маанилүү тапшырма да бербеди...

## ТАЛААНЫН ЭЭЛЕРИ

Орхондогу Көк Теңир колдогон Түрк ордосунун тынчы кетип калды. Күлтегин качып келип, бардык көргөн-билгенин айтып бергенден кийин, тезинен аракеттенбесе болбой турганы ачык болду. Ансыз түрктөр Талаа Ээлери деген мактанычтуу наамынан ажырап калышы мүмкүн!

Көчмөндөр дүйнөсүнүн улуу тутуму — Түрк каганаты — иш жүзүндө башынан тартып эле: Батыш жана Чыгыш деген эки каганатка ажырап кеткен болучу. Алардын негиздөөчүлөрү — Ашын урууcунан чыккан бир туугандар Бумын менен Истеми — ушул уруунун падышалык кылышкан эки бутагынын бабалары болуп калышты. Бумындын урпактары — Чыгыштын каганатын, Истеминин урпактары — Батыш каганатын башкарып калышты.

Түрктөрдүн бул бирдиктүү эки падышачылыгы бир жарым кылым боюу, ортодо болор-болбос үзгүлтүк менен Улуу Азия талааларынын ээси болуп келишти. Бирок VII кылымдын аягында эки каганат тең күчүнөн тайый баштады. Ашын урууcунан чыккан акыркы, 23-батыш түрк каганы 704-жылы Кулан шаарында (азыркы Луговой бекети) өлтүрүлгөн. Ал тарапта Ашын урууcунун душманы, жаңы кубаттуу көчмөндөр бирикмеси — түргештер орун алды.

Түштүктө дале болсо эбегейсиз зор Тан империясы коркунуч туудуруп жатат. Көчмөндөрдүн эзелтен берки жоосу кытайлар сокку уруп, алдан тайдыруу, басып алуу үчүн кез келген мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланат. Алардын соккусу алдында Чыгыш түрк каганаты 630-жылы эле кулаган болучу. Ашын династиясынан чыккан Кутулуг карыя 50 жыл өткөндөн кийин гана кытайларга каршы көтөрүлүштү баштап чыкты да, Бумын мамлекетин кайра калыбына келтирди. Анын бир тууганы Капаган-каган Түндүк Кытайды тыптыйпыл чаап алды. Бирок Тан империясы дале алы-күчүнөн тайыган жок — бул өлкөнүн байлыгы чынында эле соолгус. Бекеринен алар өз жерин Ортоңку, же Асман алдындагы деп ыйык көрүшпөйт да.

Бирок эң жаман коркунуч Согдада арабдар менен урушка кирип алган түргештер менен күчүнөн тайыбаган кытайларда. Түндүктө кыргыздардын каганы Барсбек катуу күчтөнүп алды. Бул үчөө түрктөргө каршы өз ара биримдешип кетишти. Эмне кылуу керек? Түмөндөгөн душманды кантип жеңүүгө болот?

Аскер кеңешинде тажрыйбалуу жана көсөм Тонукөк, кагандардын тарбиячысы жана башкы кол башчы, өзүнүн каганынын кооптоонуусун дээрлик жокко чыгарды. Душмандарды бөлөк-бөлөк талкалоо керек, деди ал. Колдон келишинче тезирээк. Баары чогулуп келип кол салышын күтпөө керек. Озунуп кол салуу керек.

Кимге биринчи ирет кол салуу керек?

Душмандардын кимиси коркунучтуу? Түргештерби? Алардын чабуул коюга али мүмкүнчүлүгү жок, тыякта арабдар аргасын кетирип жатат. Баштарына чүмкөмө жамынган элдин жол башчысы Кутейба деген Йенчү (Сыр-Дарыя) дарыясынын түштүк жагындагы областтарды ээлеп алууда. Согданын жол башчылары биринен сала бири өлүүдө, жалгыз гана жаңыдан такка олтурган Гурек Самаркандык анын мизин майтарып жатат. Гуректин союздашы, түргештердин Сакал-каганы арабдар менен кагылышып, мизи кайтарылды. Түргештердин өздөрүнүн ичинде ынтымак жок. Сакал-кагандын иниси өлкөсүнөн качып барып, Орхондогу ордого боз үйүн тикти жана жардам сурап кайрылды: ал түргештердин ээлеген жеринин жарымын алгысы келет. Ушундан жакшылап пайдаланууга болот.

Демек түргештер азырынча коркунуч туудурбайт.

Табгачтарчы (кытайлар)? Алар өтө алыс. Түрк атчандарынын алты жолку жортуулунан кийин Түндүк

Кытай ээндей түштү жана император Улуу Кытай дубалынан аскерин сыртка алып чыкканча көп убакыт өтөт. Анын үстүнө аны убактылуу өз тарапташына айландырып алууга болот. Кантип? Кудалашуу жолу менен.

Тонукөктүн сөзүнө муюшту. Алыскы табгачтарга дароо түрк элчилиги жөнөп кетти.

Ошентип эки душман зыянсыздандырылды. Үчүнчүсү, эң коркунучтуусу калды.

Кычыраган кыш келди. Теребелди ак кар басып, суук күчүнө кирип, бороон боздоду. Аскер кеңешинде Тонукөк ток этер жерин айтты:

— Кыргыздарга сокку урчу кез эми келди.

Аскер кеңеши көбүнчө үлпөткө окшочу — көчмөн элдин салты ушул. Дасторкон кенен жайылса, акыл да арбын болот, аңгеме да кызык жүрөт. Капаган-каган өзүнүн мыкты иштери менен даңкы чыккан эрендерин сыймыктана карап олтурду.

Тигине аталаш иниси Күлтегин. Ал тиги карыя Кутлугдун өзүнө кызмат кылган. Эми минтип анын инисине — Капаган-каганга — кызмат кылып жатат. О, Тонукөк, айлакер талаа бөрүсү! Сырткы түрү эле анын каардуу жоокер экенин билдирип турат: кабагы, жүзү, ал турсун эки ууртунун үстүндө азырынча коймаарек жаткан эки жакка кеткен муруту кадимки эки кылычтын өзү! Жалгыз гана айыбы сакалында — ээгинде эки-үч кыл сербейет. Аны ар качандан бир качан күлкүгө калтырган да каргыш тийген ошол үч кыл. Ооба, ал чынында эле бекер адам эмес. Ошонун акылман кеңешинин арты менен Ашын династиясынан чыккан Кутлуг-чор кытайларга каршы көтөрүлүшкө чыгып, аларды талкалады, көчмөн урууларды башын бириктирди да, Бумындын мурасын калыбына келтирди. Аскерин менен Хуанхени алты жолу кечип өткөн да ошол Тонуюкөк. Чик жана аз деген саян — алтай урууларын багындырган да ошол .Эми болсо карыя кол башчынын кеңешсиз каган кадам жасабайт. Ал турсун Жаалдуу жана Чыдамсыз Күлтегин да Тонукөк «болбойт!» дегенде, «жок!» дей албай, тынчып олтуруп калат.

Тонукөк менен Күлтегиндин чарчабаган каршылашы айлакер дипломат Чыкын чур деген бар. Ал тигил экөөнү тең салмактап турган таразанын ташы. Каган болсо эки тараптын тең кеңешин угат, салмактап көрөт, анан чечимге келет.

Мына азыр да, карыя Тонукөк кыргыздарга сокку уралы десе, Чыкын-чур дароо каршы болду:

— Улуг Кемдин (Енисей) музунун үстүнөн кыргыздар сол жээктеги аска менен оң жээктеги аскага чейин муз болгон карагайлардан тоскоол — муз дубал жасашты. Ал эми ашуу аркылуу өтүп баруу жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес. Тонукөктүн кеңеши кандай?

— Чабуулга өтүү керек!— деди карт кол башчы.

— Кайдан?

— Жанагы сөз кылууга мүмкүн болбогон ашуу тараптан...

— Сакалы менен кеңешти окшойт,— деп күлдү Чыкын-чур. — Үч кеңешчиси бар: оң жагында бир кыл, сол жагында бир кыл жана ортосунда бирөө...

Бери жактан кызуулана Күлтегин ордунан тура калды:

— Менин таптакыр эле сакалым жок! Кана, чыкчы бери, алдагы кылычыңды кынынан суурчу! Сенин өтөктөгөн сакалың сага жардам берер бекен көрөйүн! Сенин сакалдан башка эмнең бар: ар-намысың да, күчүң да кайратың да жок. Жада калса уулуң да жок (Чыкын-чур баласыз болучу); тукум күтүү үчүн, албетте, сакал аздык кылат. Ал үчүн сенин катындарың зарлап жетпей жүргөн дагы бир нерсе керек!

Чыкын-чурдун бетине кан тээп чыкты:

— О, улуу каган! Менин уруумдун түпкү теги тигил биздин бабаларыбызга барып такалат, ошондуктан эч ким мага мындай жаман сөздөрдү айткан эмес! Тигинин тизгинин тарттыр! Же мен үйүмдү бүктөйүнбү?

— Кулак салгыла!— деди Капаган-каган.

— Кулак салгыла!— деп бир оздон кыйкырышты үлпөттө олтургандардын баары.

Чыр басылды. Кыйлага чейин талашып-тартышып талкуулагандан кийин, акыры боло жүргөндөй, Тонукөктүн планы кабыл алында. Чыкын-чур да буга макул болду.

Кыргыздарга жасалчу кышкы оор жортуулга (муну баары моюндарына алышты) барып турган мыкты аскерлер бөлүндү. Мыктылардын мыктысы тандалып алынды: чынында эле алдыда кулак угуп, көз көрө элек кыйын иш турган. Адаттагы толук жоо-жарактан тышкары жылуу кийимди жакшылап камдашты. Алыскы жана татаал сапарга аттын жүгү оорлобосун деп жол азыгын чакан алышты: жоокерлер кургатылган эттен күлазык, кошкон май, аттарга — арпа.

Ошентип чаңкайган кыштын ачык таңында оор куралданган алптар түндүк тарапты беттеп сапарга аттанышты. Алардын башында — жаалдуу Күлтегин менен дасыккан карт арыстан Тонукөк.

Өндүрдүн жолун эч кандай кыйынчылыксыз басып өтүштү — көнүмүш иш.

Ошентип Саян тоосунун түбүнө да келип калышты. Атчан аскерлер бул асман мелжиген ак кар, көк муз каптаган заңгелди кантип ашат? Карыя кол башчынын оюу көпчүлүк жоокерлерге биринчи жолу ишке ашпоочудай көрүндү. Бирок Тонукөк Күлтегинге кайрылды:

— Эми сөз сенин малайыңда калды...

Жаалдуу кичинекей азды алдыга чыгарды:

— Башта жолду!

Кичинекей аз алдыга түштү. Бул үрөй учурган көп колду ал өзүнүн айылынан алыс алып кетүүгө аракеттенди.

Күн жүрүштү, түн жүрүштү, акыры бешинчи күн дегенде Саян тоосунун бийик ашууларынын бирине чыгып келишти. Ашуунун шамалынын күчүн айтпа, суук ачык жерди аймалап, сакал-мурут, кирпик-кашка заматта муз тоңдурат. «Жол баштоочу» кичинекей аз баягысынча эле жолду ишенимдүү баштап баратат.

Алтынчы күнү бороон-чапкын башталды. Ал эки күнгө созулду. Кол ордунан карыш жылган жок. Ар ким билгениндей бороондон ыктоо издеп, баштарын калкалашты.

Сегизинчи күнү эртең менен тоо башынан «жарк» деп күн көтөрүлдү. Теребел мүлдө кар чүмкөнүп, көз уялтат. Бороон уруп салган касаба кардан, күрткүлдөн жол эмес, бара турган багытты билүү кыйын. Калың кол ак кар, көк муздун туткунунда, кайда барарын билбей, тегеренип туруп калды.

— Жол! Жол кайда? Кайда барабыз? Жол баштабайсыңарбы?— деген суукка кайыккан жоокерлердин нааразы үндөрү чыгат.

Абал кыйындады. Бүтүндөй бир азан-түмөн кол учукыйры билинбеген тоо кыркаларында калың карга каптальп, матоодо калды, адашты. Азык түгөнгөнү калды, бирок ал да эч нерсе эмес. Түрктүн алптары суукка канчалык чыдамдуу болушпасын ашуунун шамалы кыймылсыз калган жоокерлердин колу-бутун тоңдуруп, чыныгы өлүм коркунучун туудурду.

— Жол баштагыч! Кайда жол баштагыч?— деген тынчсызданган үндөр кайрадан угулду. Көпчүлүгү ка-

тарды таштап коюшуп, жол баштагыч кантсе ошол жакта деген тарапка жөнөштү.

Бул кезде Тонукөк менен Күлтегин жол баштагычты суракка алып жатышты.

— Мен туура эле баштап келдим,— деди аргасы түгөнгөн кичинекей аз.

— Туура баштаганың ушулбу?— деп күрсүлдөдү Күлтегин.

Аз бубак баскан кирпиктерин ирмегилеп унчукпайт.

— Жолдон адашып калдыңбы? Же бизди атайын буктурмага алып келип каптадыңбы?— деп Тонукөк тигинин жанын койбой такып жатат.

— Жол ушул жерден өтчү, мен туура эле келдим,— деп жан талашты, бечара жол баштоочу. — Бирок быйылкы кардын калыңдыгын карабайсыңарбы. Көчкү жүрүп, жолдун баарын бөгөп салган тура. Эми айланып өтүү керек.

— Жарайт. Башта.

Кайрадан жолго чыгышты. Оор сапардагы сегизинчи күн... Бир нече адам тоңуп өлдү. Дагы кыйласынан колу-буту, кулак-мурундары үшүп кетти. Ал эми сууктун жан алуучу кучагынан чыгуунун жолу али табыла элек.

Тогузунчу күнү эртең менен жол баштоочунун адашып калганы анык болду. Кичинекей аз аргасы түгөнүп, оозунан сөзү түшүп, нес болуп калды.

— Сен чыккынчысың!— деди карт кол башчы. — Эми сенден пайда жок. Эй, алгыла муну!

Ошо замат эки жоокер эки жагынан алып, жарды көздөй жөнөштү. Ал кыңк дебеди. Жүзүндө эч нерсенин белгиси жок, мисирейип суз. Мына өлөр күн да келди, эжесин бошотуп алам деген тилеги да орундалбай калды. Булардын баары — кыргыздар да, түрктөр да — аз сандагы алсыз элди жутуп алып жаткан кара ниет каракчылар.

Найза менен жыра сайылган кичинекей аздын денеси зоо ылдый төмөн кулады. Артынан чаңы асманга көтөрүлүп, добушу үрөй учурган көчкү түштү да, азды түбөлүк кучагына алды...

Мындай абалда аргасы түгөнгөн Күлтегин өзүнүн устатына кайрылды:

— О, касиеттүү карыя! Акыл тап! Баарыбыз буюккан койдон бетер, же каршылышкан жоодон жок, же жакалашкан доодон жок, ач бел, куу жондо кырылабызбы?

— Айла бар!— деди Тонукөк. — Тетиги тоону көрдүңбү, карагай-чер баскан? Кары тайыз, биз ошону ашабыз.

— Баары даяр. Буйрук бер.

— Узун шыргый кыйгыла. Алдыга алдуу-күчтүүлөр чыгышсын.

Узун калтектер даяр болду. Алдыңкы отрядга Тонукөк муну түшүндүрдү:

— Силер кар жиреп, жол саласыңар. Үшүккө алдыргандар, алсырагандар артыңардан түшөт. Аттарды жетелеп алгыла.

Күлтегин адаттагыдай алдыга түштү. Балбан деген жоокерлер узун шыргыйдан калтек таянышып, өр таяна жол салып жөнөштү. Бул өтө оор иш эле, ошондуктан жоокерлер улам алмашып турушту. Токтоосуз күнтүн жана дагы бир күн жол жүрүштү. Калың карды жиреп салынган чыйыр жол жыландай ийрилип тоонун туу чокусуна чыкты да, кайра төмөн ойго түштү. Ал жерде алдыңкы отряддар аскердин калгандарын күтүп турушту.

Ошентип акыркы жоокер аскерге келип кошулду. Көз алдыда учу-кыйры жок мейкиндик жатты.. Бул карга чулганган чоң өлкө болучу. Кыштын кечки күнү түз талааларды нурга бөлөйт, кар чүмкөнүп дүпүйгөн токойлор көрүнөт. Тээ алыстан асманды көздөй типтик булаган түтүндөр...

## АЛААМАТ ТҮН

Жайдын акыры жана күзү мүлдө түшүм жыйноо менен өттү. Эл кыштоолоруна барды. Бардык бойдок жигиттерди каган ордого чакырды.

Туш тараптан уруу башчылары жана атагы алыска тараган баатыр жоокерлер баштаган жаштардын отряддары келе башташты.

Кыш келди. Улуу Кем (Енисей) тоңору менен каган бул өйүздөн тиги өйүзгө чейин карагайлардан жана кардан дубал тургузулду. Буга бүтүндөй бир ай кетти. Бирок эмгек ошого татыды: Енисейдин бул өйүзүнөн тигил өйүзүнө чейин жан өтө алгыс муз чеп турду да калды. Жаз келери менен ал чеп алыскы деңизди көздөй агып жоголот. Ал эми кийинки кышта кыргыздар аны кайрадан тургузушат.

Баары ушуну менен чек араны коопсуз кылдык,

кыргыздар өлкөсүнө жол жабылды, эми беймарал үй-үйлөргө тараса болот, деп ойлошту. Бирок, көрсө, баары жаңылышыптыр. Талаш-тартышы көп болгон аскер кеңешинде каган баарынын оюна каршы болду. Ал бойдок жигиттерден куралган кошундар кыш бою чек араны кайтарып турууларын тийиш деди.

Саян тоосунун ашууларынын түбүндө убактылуу лагерлер тургузулду. Жоокерлер кыргыздардын өлкөсүнө келүүчү жолдордун баарын көз ирмебей карап турушу керек. Бирок ар бир акылы башында бар кишиге кыштын кычыраган суугунда түмөндөгөн кол ит өлчү ашууну ашып келбеси белгилүү болучу.

«Бойдоктордун кошунунда» жаштар кыш бою аскердик машыгууларды өткөрүшү, уруш өнөрүн өркүндөтүшү керек эле. Барс-бек мунун кыйшаюсуз аткарылышын талап кылды.

— Биздин каган алжып калган көрүнөт,— деди семиз Тексин-инал, жанындагы арык жолдошу Күрсүлгө. — Тоонун этегин бизге кайтарткандан эмне чыкмак! Кимден кайтармакбыз? Кышында бул жерде киши эмес, бөрү жойлобойт, чымчык учпайт.

— Ал эми түрктөр бөрү да, чымчык да эмес,— деп тигинин сөзүн кубаттады Күрсүл, мүлжүлгөн сөөктү ары ыргытып. —Мындай тоскоолдуктан өткүдөй жин-шайтан да эмес.

Бул эми мыкты Барс-бектин терс айынан — алардын ою боюнча — кышты кыштай өз нөкөрлөрү менен кар жана мөңгү баскан Саян тоосунун этегинде күзөт жүргүзүшмөй болушту. Кимден сактанары белгисиз. Бул эмне? Суу жүрөктүкбү, же алжыгандыктын белгисиби? Жөнөкөй нөкөрлөр да ушундай ойлошту. Жылуу үйдө катын-баланын кашында буюрган тамактан жеп, ыраКаттанып жаткандын ордуна, бул жерде жеңил боз үйлөрдө кыш бою түн күзөтүп, тоонун башын карап олтурушат.

... Ошол каргашалуу түнү, албетте, эч ким ашуу тарапты караган жок, мындай суукта үшүп сыртта тургудай жинди киши барбы?

Суугу чыкылдаган жылдыздуу түнү түрктөрдүн алдыңкы отряды Күрсүлдүн күзөтчүлөрүнө туш келишти. Аларды иттердин ажылдап үргөнү каршы алды, бирок ажалын таап, бат эле үндөрү өчтү. «Бойдоктордун үйлөрүнүн» аралыгында караандардын ары-бери чуркагандары карда даана көрүндү — алар көз ирмебей түн күзөтчү сакчылар болучу. Калган жоокерлер карыш-

кырдын, койдун жылуу терилерин жамынышып, бейкапар уктап жатышты.

Күрсүл алгачкылардан болуп сулады. Анын үч жүзгө жакын уйкуда жатышкан жоокерлери да алгачкы эле минуталарда тыйпыл болушту. Бейкапарлык мына ушуга алып келди.

Түрктөрдүн отряды калгандарына да кыргын салуу үчүн Күрсүлдүн лагеринде калды. Негизги күч токтолбостон сапарын улады.

... Жылдыздуу суук түн. Теребел мемиреп бейкут. Жакынкы токойдон бутактардын кычырап сынганы угулат.

Мына ушул мемиреген тынчтыкты миңдеген ат туяктарынын каткан карды кычырата тебелегени бузду. Бирок бир да кишинин үнү жылкынын кишиегени угулган жок. Бул каптап келаткан кара алаамат бүтүндөй аппак мейкиндикти ат туяктарынын алдына басып алып, жазгы үйөрдөй ылдамдык менен агып келаткандай болду. Көзү менен көргөндү дал ушундай кабыл алды, шейшеп бошотуу үчүн сыртка чыга калган Тексин-инал.

Ал жанын аябай кармашты. Анын кылычынан эки алп тигил дүйнөгө кетти. Оор жараланган дагы үчөө кардын үстүндө чабалактап жатышты. Курсагын май баскан, бейкут турмушка көнгөн чалдан мынчалык кайратты ким күтүптүр. Бирок Тексиндин күчү кайта баштады. Денесин кара тер басып, кышылдап күйүгүп, оозун чоң-чоң ачып, бардыгып калды. Дал ошол чоң ачылган оозуна аңгыча жете келген каруу-күчү толук, жаш Күлтегин найза урду.

Тексин-иналдын кошунун аягына чейин жок кылуу үчүн дагы бир түрк отряды калды. Кол болсо токтоосуз алдыга кете берди, кете берди...

Тонукөк душмандын чегинүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарып, жолун коюп жатты. Ал капыстан урулган соккунун артыкчылыгын колдон келишинче узакка сактагысы келди.

Түн ортосунан ооп калган кезде алдыга кеткен отряд Батыштагы лагерге жетти. Анда тоону күзөткөндөргө жардам берүүчү күчтөр турган эле. Дагы баягынын өзү кайталанды: жан талаша үргөн ит үндөрү аянычтуу каңшылоо менен алмашты, ары-бери дүргүгөн караандар. Анан баягы кыргын. «Бойдокторудун» бул лагеринде үч минге чейин жоокер бар болуучу, ошон үчүн Тонуюкөк беш миң кишилик кол таштады. Башкы

күч токтоосуз алдыга, алдыга кете берди! Жаалданган Күлтегин анын башында. Анын жалгыз тилеги — Барсбекке жетүү. Эми эч ким суукту сезбей калды. Баары делөөрүп алышты. Түрк жылкылары чарчоону унутуп коюшту. Ал турсун карындын ачканы да сезилбей калды.

Таңга маал түрктүн колу ордону тегерете кармаган дубалга жетти.

Бул жерде биринчи жолу аларды башкача кабыл алышты. Демек кагандын ордосун сергек күзөтүп турушкан сыяктанышат. А мүмкүн кимдир бирөө кутулуп чыгып, кабарлап койгондур.

Мүйүз найдын үнү күңүрт угулду. Кардын ордону тегеректеген калың караан — селди карай жебелер жамгырдай жаады. Ошо замат ондогон жоокерлер атматы менен кар үстүндө оонап калды. Артынан келаткандар күтүүсүздүктөн тигилерди тебелеп кирди. Дүрбөлөң түшүп калышты. Алптар кырдоого күү менен чыгып кетүүгө аракет жасашты, муз болуп калган өрдөн аттар тайгаланып, үстүндөгү киши-мишиси менен кайра төмөн кулап жатышты.

Бир жактан Күлтегиндин күркүрөгөн жоон үнү, дагы бир тараптан Тонукөктүн даана, так берген буйруктары угулат.

— Кирчүү жагын издегиле, капкасын тапкыла! Эй, Күлтегин!

— Ох-хо-ой! Капка быякта!

Ордо ээленди. Чоң өргөлөрдүн арасында жүздөгөн кишилер сулап жатышат. Балдардын бакырып ыйлагандары угулат. Эмнегедир үргөн иттер жок.

Бирок Барс-бек кутулуп кетти...

Түрктөргө бул жеңиш оңой келген жок. 700 жоокерин Бүрт — тез өлүмдүн кудайы алып кетти. Жарадарлар көп болду. Муну көрүп, Күлтегин ого бетер жинденди. Ал дароо куугунга камынды. Бирок даанышман Тонукөк шакиртин токтотуп койду:

— Бурттар! Жетет бүгүнчө! Барс-бекти эми куук жетпейбиз. Кууп кереги да жок. Эртеңби, бүрсүгүнү болсбу — ал баары бир биздики. Аскерлер эс алсын түшкө чейин. Жараттарын таңышсын, аттарына жем беришсин.

Жаалданган Күлтегиндин тиштери кычырады, бирок каршы болгон жок: дайыма боло жүргөндөй, карыя кол башчынын айткандары туура. Ага карабай баатыр оюндагысын айтып калды:

— Биз эс алып жатканда Барс-бек болгон күчүн чоң муштум кылып топтоп алат.

— Топтогону жакшы! Ошондо биз кыргыздардын аскеринин баарынын ишин бир жолу бүтүрөбүз. Бирок биз аларга чоң муштум топтоого да жол бербейбиз.

Карыя кол башчынын буйругу менен бир нече чоң отряд түш ченде түш тарапка жөнөтүлдү — алар кыргыздардын конуштарын бүлдүрүп, күчкө жарактуу эр-бүлөнү кырып, дүрбөлөң салышмак.

Негизги кол кыргыз каганынын артынан түштү.

## СУНГА ЧЕРИНДЕГИ АКЫРКЫ УРУШ

Жетимиш үч жаштагы Барс-бек эки күндөн бери ат үстүнөн түшө элек. Аны менен калган, жараланган, кабактары карыш салынган жоокерлер эми эмне кылабыз?— дешип, күтүп алышты.

— Камырабагандыгыбыз үчүн бизди Көк Теңир каарына алды,— деди карыя каган. — Бирок бизди жоокер дейт. Башты төмөн салбайлы. Элди биз коргобосок, ким коргойт?

Ушу сөздөн кийин жаштар уялып калышты, кайраттарына келишти.

Ошол оор мезгилде каган укмуштай күч-кубатка келди. Башка түшкөн кайгынын ага тиешеси жоктой көрүндү — ал кайра күчкө толуп, жашара түшкөнсүдү. А чынында анын эки бир тууганы Ордодо курман болушту, үч эр жеткен уулунун бири жана төрт жоокер небереси каза тапты. Өзүнүн денесинде үч жеринен жараты бар.

Барс-бек кеңеш куруп олтура албады. Эми ал өзү чечкиндүү жана өктөм буйруктарды берип жатты. Бул калган жоокерлерге ишеним жана дем берди: демек ал билет жана жеңиштен үмүтү бар!

Аман калган үй-бүлөлөрдү каган алыс, түндүккө, «токой элдеринин чек арасына жөнөтүүгө буюрду. Бардык уруулардын башчыларына, бардык кыштоодогуларга уруш Жебесин алып, чабармандар кетишти. Буйрук бирөө: бардык эр-бүлө Сунга черине чогулсун.

Чабармандардын кыйласы кабар жеткизди, бирок көпчүлүгү Тонуюкөктун отряддарынын колуна түшүп калышты.

Буйрукту алган уруу башчылары айтылган жерге шашылышты. Атчан топтор улам бир кыштоодон чогу-

луп олтурушуп, кошунга айланышты. Алардын кыйласы түрктөрдүн буктурмасына кабылышып, каза табышты, бирок көпчүлүгү жарып өтүп кетишти.

Сунга чери деген эмне? Бул Миң-Суу ойдуңунун түндүк-чыгышындагы түнт токойлуу жай. Байыртан бери кыргыздын ажолору бул жерде эгин, кымбат тери, курал-жарактарды сакташкан кыйын күнгө деп, анткени ал уруш аракеттеринен окчун ыңгайлуу бир жай эле. Ар кандай кыйын кезеңдерде кыргыздар зарыл нерселерин ушу жерден алыша турган.

Бул жер коргонууга да өтө ыңгайлуу эле. Калың чер-токойлор, кыйма-чийме агын суулар менен жар-жапсарлар, аска-зоолор түмөндөгөн орхон атчандарынын ээн-эркин чабуулдашына мүмкүндүк бермек эмес. Бир жарым кылым бою кыргыздарга эң башкы жоо дал ошол орхондуктар (чыгыш түрктөрү) болгон.

Ырас, эгер кол бүткүл элден жыйылып келсе, бул жер кыргыз атчандары үчүн да тарлык кылмак. Бирок аз күч менен жоонун көп колуна каршы коргонууга мүмкүндүк берчү жер жалгыз ушул Сунга чери болучу. Барс-бек муну жакшы билет.

... Кыштын кыраан чилдеси кычап турган маал эле. Түнкү кыргындан кийин экинчи чейреги өтүп калган. Кечтен тартып Сунганын капчыгайларынын, жар-жапсарларынын үстүнөн жаңы чыккан ай көтөрүлдү. Ал кыргыз лагерине, аскаларга, карагайлуу токойлорго — «черге» жана тоңгон дарыяга жарыгын төктү.

Бул жакка тынымсыз улам жаңы топтор агылып келип жатты. Майда-майда атчандардын тобу, ал турсун жалгыз-жарымдар да келе беришти. Абал оор, убакыт тар эле. Кагандын кайгуулчулары билдирди: түрк отряддары качкындардын кайда бараткандарын байкап калышыптыр, эми душман бүт күчүн Сунга черин көздөй каптатып келатат.

Барс-бек аялдарды, балдарды, картаң кемпир-чалдарды «токой элдеринин» чек арасын, түндүктү көздөй жөнөтүүнү уланта берди. Өлкөнүн жарымына жакыны ал жакка өтүп кетти. Мүмкүн болгон малды айдай кетишти. Бирок көбү, өтө көбү түрктөрдүн колуна түшүп калды.

* * *

— Байыркунун боз айгырын тарткыла бери!— деп кыйкырды Күлтегин.

Жоокерлер эки көзү оттой жанган кардай аппак ар-

гымакты анын алдына тартышты. Бул баатырдын казатка минчү белгилүү аргымагы болучу. Эң орчундуу урушатарга Күлтегин ушул ат менен кирүүчү. Ат, өзүнүн ээси сыяктуу, курч, өктөм эле. Мына азыр да эки жоокер эки жагынан суулуктап араң жетелеп келишти. Жаныбар кош аяктап тура калып, кандын жытын сезгенсип, ойноктоп турат.

Күлтегин балбан колу менен тизгинди тарта кармады, экинчи колу менен мойнунан сылагылады. Ат тынчый түштү да, кишенеп жиберди. Күлтегин атка ыргып минди.

Салгылашуу Күлтегиндин тандалма отрядынын чечкиндүү чабуулу менен башталды. Кол башчы боз аргымак үстүндө алда кайдан көрүнөт. Анын жеке үлгүсү дем берген жоокерлер кармашка аянбастан бой урушту. Боз аты менен бөтөнчө айырмаланган баатыр душмандын жебесине бута болду. Аны аттан түшүрүүгө аракеттер көп болсо да, азырынча эч ким көздөгөнүнө жете албады.

Түрктөр кыргыздарды аска-зоолордун арасынан дарыяга сүрүп чыгууга аракеттеништи. Күлтегин Күлүчордун колуна шынаадай жарып кирип, кыса баштады. Бирок кыргыздын аскер башчысы бүт күчүн топтоп туруп, аны кайра артка сүрдү. Кара жини кармаган Күлтегин жоокерлерин суурга, таш бакага салыштырып тилдеп жүрдү; алгачкы артка чегинген ондогон жоокерлерди ал акмак кылып, оорукка айдады. Тигилер ошо замат өз жандарын өздөрү кыйып салышты.

Отрядын кайра тартипке келтирип, ханзада аларды кайрадан чабуулга киргизди. Ал:

— Эй, Күлүчор! Куураган койчуман! Куралсызды көргөндө жүгүргөн коркок! Кылыч тагынып алган дармансыз кемпир! Кайдасың? Жоокерлердин артында жашынып жүрөсүңбү? Чык бери! Сен ажоңдун ак өргөсүндөгүдөй эле жоодо да баатыр бекенсиң — эл көрсүн! Чык бери, мурутчан катын!

Ал карагайдан чыңдалган коого чаап келди. Кыргыздын жоокерлеринин бири чыдабай кетип коонун кырына чыга келди эле, Күлтегин аны ошо замат жебе менен сулатты.

Алптар жамгырдай жааган жебенин алдында карагай коону бузуп жиберишти, ачылган жырадан атчандар күргүчтөп кирип кетишти. Күлүчордун отрядын кайрадан кыса баштышты. Кыргыздарды акырындап дарыяга сүрө беришти. Кармаштын кызуусундагы Кү-

лүчор Умай энеге жалынып, бир нече жолдошу менен боз айгырдын жолун туура тосо чыкты. Ал душманга найза сундурду, бирок Күлтегин томпок калканы менен шарт кагып жиберди эле, найза боз аргымактын чандырына барып сайылды. Боз айгыр кош аяктап тура калды, анан бир капталына оой баштады. Жыгылып баратып ханзада найзасын урганга үлгүрдү: найза Күлүчордун төшүнөн бир алакан төмөн курсагына сайылды. Кол башчысына жардамга чуркаган Уткулду Күлтегин кандуу найзасынын экинчи шилтеми менен сулатты.

Мына ушул жерден кыргыздардын коргонуусу жарылды да, түрк жоокерлери ажо-кагандын калган аскеринин туура жагынан чыгып сокту.

Барс-бек катардагы жоокерлер менен чогуу салгылашып жүрдү. Ким жөнөкөй жоокер, ким кол башчы экенин мындайда ким ажыратат! Баары аралашып кетти. Жаралангандардын жан талашкан кыйкырыгы, кышылдап демиккендер, аттардын кишенегени, кылычтардын чабылганы, калкандардын кагышканы. Мындай алааматта буйрук угууга кулак жок. Кармаш башкаруудан чыкты, ар ким каршы келип калган жоосу менен салгылашууда. Бир жоону сулаткан жоокер, ары жакта салгылашып жатканды капталга сайып өтөт. Баарын өжөрлүк, колдун күчү, аскер чеберчилиги жана куралдын мыктылыгы чечүүдө. Мына ушул жерден орхон түрктөрүнүн көп жылдык машыгуусу, аскер тажрыйбасы көрүндү. Уруш өнөрүн бойдоктордун кошундарында гана үйрөнүшкөн кыргыз жоокерлери аларга тең келе албады.

Эрдик менен тайманбастык эки жактан тең бирдей көрүндү. Эки тарап тең Көк Теңир менен Умай энени жардамга чакырышты. Бирок түрктөрдүн эки артыкчылыгы бар болучу: санынын көптүгү жана уруштагы тажрыйбасы. Ушул эки артыкчылык баарын чечти. Көк Теңир менен Умай, ыйык жубайлар, жеңишти күчтүүлөргө ыйгарышты.

...Сунга чериндеги уруш үч күнгө созулду. Төртүнчү күн болду. Капчыгайлар менен аска-зоолордун, муз болгон дарыялардын, чер токойлуу тоолордун үстүнө күн кышкы жумшак нурун төктү. Кийиздей тапталган кардын үстүндө миңдеген өлүктөр ойго кирбес ыңгайда жатышты.

Бир жерде суукка тоңгон кол сороет. Ары жакта жоокердин дал жүрөгүнө мылгыган найза өз салмагынан

ийилип турат. Карга-кузгундар алдыда күткөн чоң олжону сезишип, «карк-карк» дешип, карагай-кайыңдарга учуп-конушуп сороктошот.

Күлтегин эми башка атка минип, майдан талаасын кыдырып жүрөт. Анын жанында дүбүрөтө бастырып ээрчиген жан жигиттери. Ханзада Барс-бектин өлүгүн издөөдө. Ашынган иштери менен атагы чыккан душманынын өлүгүн өз көзү менен көргөндөн артык да ыракат барбы?

Кыргыз каганын өңүнөн таанышкан миңдеген алптар ар бир жаткан өлүктү үңүлүп карап жүрүшөт.

Бирок канча издешсе да Барс-бекти таба алышпады. Муну Күлтегинге кабарлашты.

— Аны Көк Теңир асманга алып кеткен жок да! Же Эрклиг жер алдына сүйрөп кеткен жок да! Издегиле! — деп кыйкырды жини келген ханзада.

Алптар кайрадан издөөгө киришишти. Кайрадан баягы кабар. Кайрадан Жаалдуунун ач айкырыгы. Алптар аргасыздан колдорун жайышты. Жок, Барс-бек качып кетиши мүмкүн эмес! Ал андай киши эмес.

Сакалы аппак карыяны майдандын кайнаган жеринде жүргөнүн көрүшкөн. Аны ондогон жоокерлер көргөн. Ажо-каган бир нече атактуу баатырды сулатканын, өзү да көп жеринен жараланганын көргөндүктөрүн да айтышты. Ал эми андан ары эмне болгонун эч ким тактап айтып бере албады.

Жеңгендер табалап кубануу үчүн аны бекер эле издешти. А дүйнөгө бардык жол-жобосу менен узатуу жана коштошуу үчүн жеңилгендер да бекер эле издешти. Барс-бек кайып болду.

Которгон *Мырзаян Төлөмүшов*

# БАРС-БЕККЕ АРНАЛГАН ЭСТЕЛИКТЕГИ ЖАЗУУНУН МУРДАГЫ ОКУЛУШУ ЖАНА КЫРГЫЗЧАЛАНЫШЫ

### Алдыңкы капталдагы жазуунун окулушу

1. Йердеки барс эртигиме (же барс тегиме) эрдемлигиме бекме (дим).

2. Атсар алп эртиңиз устар күч эртиңиз инилиг бери уча барс адырылмай йыту (?)

3. Бу атымыз Умай бег биз, биз уйа алп эр езин элти (алти?) кылмадың өзлек ат езин үч эриг алмадың йыта эзенчүме көзүнчүме адырылма ич элинмү ийү (?). эрдемим.

### Оң капталдагы жазуунун окулушу

4. Эр эрдем үчүн иним эчим уйарын үчүн беңгүмин тике берти.

5. Төрт энилгү (?) эртимиз (бизни эрклиг адырты йыта).

6. Алтун шуңа йаш кейики арыт ыглат углат удачына барсым адырылу барды йыта.

### Сол капталдагы жазуунун окулушу

7. Он ай илтди өгим (же өгүм) а келүрти илимке эрдем үчүн мен йерледим.

8. Илим өкүнчүнө калын йагыка кыйматын тегипен адырылдым йыта.

9. Иниңизке ичиңизке инген йүки иңез түшүртиңиз.

### Кыргызчаланышы

1. Жердеги жасаган эрдигиме (же барс тегиме (эрдемдигиме) бөкбөдүм (канбадым).

2. Атышар алп элеңиз, утушар күч элеңиз, инилүү бөрү уча (качып), барс айрылбай кетти.

3. Бу биз(дин) атыбыз Умай бег, биз уя(лаш) (ту-

кумубуздан) алп эр(биз) (баатыр адамбыз), өзүңдү кыйнабадың (кыйноого салбадың) өз(үм)дүк ат, өзү менен үч эрди албадың, аттигиң, (сен менин) салтымдан, тилегимен айрылба, эл ичиндеги (менин) эрдемим (?)...

4. Эр эрдемим үчүн (кайраттуулугум үчүн) иним, агамдын даңазалуулугу үчүн, белгимди (эстеликти) тигип (тургузуп) берди.

5. Төрт инилүү (?) (бир тууган элек) бизди күчтүү кудурет айрыды, аттигинай!

6. Алтын чүрөк, жаш кийикти изде, ыйлат-сыктат, күч-кубатынан барсым берди, аттигиниң.

7. Он ай көтөрдү энем (анан элиме) келтирди эрдигим (кайраттуулугум) үчүн мен жердедим (жашадым).

8. Элим өкүнчүнө, калың жоо менен катуу тийип (салгылашып), айрылдың, аттигиниң!

9. Иниңизге, агаңызга инген жүгүн арттыңыз (башкача айтканда, кыйынчылыкты жүктөдүңүз)

*(Орхон — Енисей* тексттери, Ф., 1982-жыл.)
(169—170-беттер)

# БАРС-БЕККЕ АРНАЛГАН ЭСТЕЛИКТЕГИ ЖАЗУУНУ С. Г. КЛЯШТОРНЫЙДЫН ОКУШУ ЖАНА КЫРГЫЗЧАСЫ

## Алдыңкы капталдагы жазуунун окулушу

1. Он ай елтди өгүм а келүрти элимке эрдем үчүн мен йерледин

2. элим өкүнчүңе калын йагыка кыйматын тегипен адырылдым йыта

3. иниңизке ичиңизке инген йүки илд түшүртиңиз

## Сол капталдагы жазуунун окулушу

4. йердеки барс этигим а эрдемлигим а бекме (дим)

5. атасыз алп эртиңиз ит утсар көч эрт(т)иңиз а инилиг бүрт үч а барс адырылма йыту

6. (бу?) атымыз умай бегимиз (бегмиз) биз уйа алп эр өзин алты эр алмадын йыта эзинчүм а көзүнчүм а адырылма сечиленмү өгүрдим(из)

### Оң капталдагы жазуунун окулушу

7. алтун шыңа йыш кейики артгыл тог(г)ыл ат уд ачун а барсым адырылу барды йыта
8. төрт инелгү эртимиз бизни эрклиг адырты йыта
9. эр эрдем үчүн иним уйарын бенүмин тике берти

### Кыргызчаланышы

1. Он ай көтөрдү энем! Анан элиме келтирди. Эрдигим үчүн мен жерледим.
2. Элим өкүнчүнө, калың жоого катуу тийдим, айрылдың. Аттиң!
3. Иниңизге, агаңызга инген жүгүң алып — түшүрттүңүз.
4. Жердеги Барс эрдигиме, эрдемиме бөкбөдүм!
5. Атасыз алп болдуңуз! Иттер (илбээсиндерди) кууганда, кош жанынан өттүңүз! Мүрт (ажал), инилериң менен кошо чири! О Барс, айрылба! Аттиң!
6. (Биздин) аты-жөнүбүз Умай беги... (бекбиз). Биз уялаш алптарбыз. Сен өзүңө кошо алты албадың! Күлгүндү албадың! Өзүңө кошо үч идишти албадың! Аттиң! О кымбатым! О кенчим! Бизден айрылба! Биз (мурда) кубанчубуз.
7. Алтын Сунга жышынын артыл! Тукумда! Атың, өгүзүң, дүйнөңү таштап менин Барсым кетти! Аттиң!
8. Төрт агаин азылзат элек. Бизди Эрклиг (эзелки элибиздин түшүнүгүндө жер алдынан билерманы, ажал) айрыды. Аттиң!
9. Эр эрдемим үчүн, инилеримин, агаларымын атагы үчүн мага (ушул) түбөлүк таш тигилди.

## КОТОРМОСУ

1. Энем мени он ай көтөрдү! Ал мени элиме тартуулады. Мен эрдик менен жашадым, түркүк болдум.
2. Мен калың жоого катуу тийип салгылашып, бирок элимин өзөгүн өрттөп андан бөлүндүм. Аттиң!
3. Ингендерге артып, агаларыңызга, инилериңизге тартуу-таралгаларды жөнөтүп турдуңуз.
4. Мен, Барс, жердеги эрдигиме, иштериме жете канбай кеттим!
5. Сиз атасыз өсүп, эр болдуңуз! Тайгандарыңыз илбээсиндерди сундура кууганда, конушубуздун жанынан

зуулдап өтчү элеңиз! Мүрт (ажал), сен инилериң менен кошо чири! О Барс, бизди таштап кетпе! Аттиң!

6. (Биздин) аты-жөнүбүз Умай бегинен. Биз уялаш эрлербиз. Алты эркекти сага кошо койбодук! Күлүгүнү өзүңө кошо койбодук! Үч идишиңи кошо койбодук! О кымбатым! О берекем! Бизди таштаба! Биз (мурда) кубанчубуз.

7. Алтын Сунга токоюнун кийиктери жер жайнап тукумдай бергиле! Менин Барсым жылкыларын, букаларын, жер үстүн таштап кете берди! Аттиң!

8. Биз асылзат төрт агаин элек. Бизди Эрклиг (жер алдынын каны, ажал) айрыды. Аттиң!

9. Бул эстелик менин эрдигимин урматына, агаларымын, инилеримин атагы үчүн орнотулду.

# ЭЗЕЛКИ ҚЫРГЫЗ ЭЛЧИСИ ЭРЕН УЛУГКА АРНАЛГАН ЭСТЕЛИКТЕГИ ЖАЗУУНУН МУРДАГЫ ОҚУЛУШУ ЖАНА ҚЫРГЫЗЧАЛАНЫШЫ

### Алдыңкы капталдагы жазуунун окулушу

1. Эрдем болсар будунуг эрк будунуг эр атым Эрен эрдемиг (эрдемлиг) батур мен
2. Эр эрдем элим болсар будун исрик йөрүмеди эринчим икизиме...
3. Қуйда кадашыма кунчуйыма адырылу бардым мен оглымка... будунымка бекмедим
4. секиз кырк йашымда...

### Сол капталдагы жазуунун окулушу

5. Он ай илтди өгүм оглан тогдым эрин углатым
6. Илимде төрт тегзиндим эрдемим үчүн Ынанчу алп ичинте (ачынт) (у)

### Оң капталдагы жазуунун окулушу

7. Эрдем болсар... андаг эрмис эсин мен алтун капарка киртим
8. Эрдем үчүн Түпүт канка йалабач бардым келүртүм

Кыргызчаланышы

1. Эрдемдүү элди, журтту күчтүү элди (билген) эр атым Эрен Улуг, эрдемдүү баатырмын
2. Эр (баатыр) эрдемдүү (кайраттуу) мамлекетим чоң үчүн журт козголбоду... экөөбүзгө
3. Өргөөдөгү курдашым, канышамдан айрылып баратам... мен уулума... журтума бөкбөдүм (тойбодум)
4. отуз сегиз жашымда
5. Он ай көтөрдү энем. Уул туулдум, эр (жетип) улгайдым.
6. Элимди төрт тегерендим (саякат кылдым) эрдигим үчүн Ынанчу алп ичинде (арасында)
7. Эрдем (эрдигим) үчүн мындай болгон эле. Мен Эсин Алтын Капарга кирдим.
8. Эрдем (эрдигим) үчүн Тибет канга элчи болуп бардым, келтирдим.

## ЭРЕН УЛУГ ЭСТЕЛИГИН КЛЯШТОРНЫЙДЫН ТАКТАП ОКУШУ.

### Сол капталдагы жазуунун окулушу

1. он ай элтди өгүм оглан тогдым эрин улгатым
2. элимде төрт тегзиндим эрдемим үчүн ынанчы алп ачынт (ы)

### Алдыңкы капталдагы жазуунун окулушу

3. эрдем булсар бодуныг эрк бодуныг... тым эрен улуг а эрдемиг батурмыш
4. эрдем элим булсар бодун эсрүк йүрүмеди эринчим икисиме
5. куйда кадашыма кунчуймы адырылу бардым мен оглумка... бодунымка бекмедим
6. секиз кырк йашыма...

### Оң капталдагы жазуунун окулушу

7. эр эрдем үчүн түпүт канка йалабач бардым келмедим
8. эр эрдем булсар андаг эрмис есиз мен алтун курка киртим

## Котормосу

1. Мени энем он ай көтөрдү. Уул болуп туулуп, эрең болуп эр жеттим.

2. Элиме төрт айландым. Эрдигим үчүн мени Ынанчу Алп сыйлады.

3. Эрдемсиген булсар элин(ен), эрен элден (аттандым). О, Эрен Улуг! Эрдиги анын түбүнө жетти.

4. Эрдемсиген мамлекетим, булсар эли (башына түшкөн балээден) эси эңгиреп калбаган. Эгиздеримен.

5. өргөөдөгү курдаш-канышаларыман бөлүнүп, кайгырдым. Мен уулдарымы, элими кана карабадым!

6. Отуз сегиз жашымда...

7. Эрдик үчүн Тибет канына элчиликке бардым. Келбедим.

8. Эрдемсиген булсар ушундай (эр) эл эле. Аттиң! Алтын талаага (жер алдына) кеттим.

(Кляшторный тактап окуган жазууларды
кыргызчага эркин которгон
*Төлөн Насирдинтегин.*)

# ОРХОН·ЭНЕСАЙ ЭСТЕЛИКТЕРИНЕН







Сүрөттө: Орхон-Энесай жазуусунун үлгүсү; Күлтегиндин күмбөзүнө коюлган бедизи.

# ТАШ ЭСТЕЛИКТЕГИ КҮЛТЕГИН ЖАЗУУСУНУН АЗЫРКЫ ТАМГА БОЮНЧА БЕРИЛИШИ

## КИЧИНЕ ЖАЗУУ

(1) Теңри тег теңриде болмыш түрк билге каган бу өдке олуртым. Сабымын тү кети есидгил: алайу инийигүним (ини йигүним?) огланым, бирики огушым будунум, бирийе шад-апыт беглер, йыпайа таркат буйрук беглер, отуз...

(2) Токуз огуз беглери будуны бу сабымын эдгүту есид катыгды тыңла. Илгерү күн тогсык (к) а, биргерү күн ортусыңару, курыгару күн батсыкыңа, йыргару түн ортосыңару, анта ичреки будун коп маңа көрүр, анча будун

(3) коп итдим. Ол амты аныг йок түрк каган Өтүкен йыш олурсар, илте буң йок. Илгерү Шантун йазыка теги сүледим, талуйка кичиг тегмедим, биргерү Токуз эрсенке теги сүледим, Түпүтке кичиг тегмедим, курыгару Йинчү үг (үз)

(4) кече Темир капыгка теги сүледим. Йыргару Йир Байырку йириңе теги сүледим, бунча йирке теги йорытдым. Өтүкен йышда йиг иди йок эрмис, ил тутсык йир Өтүкен йыш эрмиш Бу йирде олурып, табгач будун бирле

(5) түзелтим (П. М. Мелиоранский ушундай транскрипцияласа, С. Е. Малов — эт өз илтим?— деп окуган). Алтун, күмүш, исигти, кутай буңсыз анча бирүр табгач будун сабы сүчиг агысы йымшак эрмис: сүчиг сабын йышмак агын арып, ырак будуныг анча (инче деп да окулат) йагутыр эрмис: йагру контукда кисре аныг билиг анта йүр эрмис

(6) эдгү билге кисиг, эдгү алп кисиг йорытмаз эрмис: бир киси йаңылсар, огушы будуны, бисүкиңе теги кыдмаз ермиш. Сүчиг сабыңа, йышмак агысына артурып үкүс, түрк будун, өлтиг. Түрк будун үлесикиң, бирийе Чугай йыш түгүл, Түн (түгүлтин деп да окууга болот).

(7) йазы конайын, тисер, түрк будун үлесикиг анта аныг киси анча (?инче) бошгурур эрмис «ырак эрсер, йаблак агы бирүр, йагук эрсер, едгү агы бирүр», тип, анча (инче) бошгурур эрмис. Билиг билмез киси, ол сабыг алып, йагру барып, үкүш киши өлтиг.

(8) Ол йиргерү барсар, түрк будун, өлтечисен; Өтүкен йир олурып, аркыш, тиркиш ысар, нен бунуг йок, Өтүкен йыш олурсар, беңгү ил тута олтуртачы сен, түрк будун, ток. Арык ок сен, ачсык, тосык өмез сен: бир тодсар, ачсык өмезсен; антагыңын.

(9) үчүн игидмиш каганыңын сабын алматын, йир сайу бардыг коп анта алкынтыг, арылтыг. Анта калмышы йир сайу коп туру өлү йорыйур эртиг. Теңри йарлыкадукын үчүн, өзүм кутым бар үчүн, каган олуртым. Каган олурып

(10) Йок чыган будуныг коп кобартдым (же кобартдым), чыган будуныг бай кылтым, аз будуныг үкүш кылтым. Азу бу сабымда игид баргу? Түрк беглер будун, буны эсидиң: Түрк (будуныг ти) рип ил тутсыкыңын бунта уртым, йаңылып үлесикиңин йеме

(11) бунта уртым, неңнең сабым эрсер, беңгү ташка уртым; аңар көрү билиң, түрк амты будун беглер: бөдке көригме беглер гү йаңылтачысиз?! мен б (еңгү таш... табга) ч каганта бедизчи келүртим, бедизтим. Мениң сабымын сымады:

(12) табгач каганың ичреки бедизчиг ыты. Аңар адынчыг барк йаратуртым, ичин ташын адынчыг бедиз уртуртым, таш токытдым, көңүлтеки сабымын у... (он ок оглың) а татыңа теги, буны көрү, билиң, беңгү таш

(13) токытдым (бу эриг) ерсер амтыка эриг йирте ирсер (көпчүлүк учурда эрсер) анча эриг йирте беңгү таш токытдым, битидим. Аны көрип, анча билиң ол таш... дым. Бу битиг битигме атысы Йол (л) ыг т(игин).

## КӨЛӨМДҮҮ ЖАЗУУ

(1) Үзе көк теңри асра йагыз йир кылынтукда, экин ара киси оглы кылынмыс. Киси оглынта үзе эчүм апам Бумын каган Истеми каган олурмыш. Олурыпан түрк будуның илин төр (үс) ин тута бирмис ити бирмис.

(2) Төрт булун коп йагы эрмис, сү сүлепен, төрт булундакы будуныг коп алмыс коп баз кылмыс, башлыгыг йүкүнтүрмис, тизлигиг сөкүрмис, илгерү Кадыркан йышка теги, кирү Темир капыгка теги контурмыс. Экин ара

(3) иди оксыз көк түрк (ити) анча олурур эрмис. Бил (г) е каган эрмис, алп каган эрмис, буйурукы йеме билге эрмис эринч, алп эрмис эринч: беглери йеме будуны йеме түз эрмис. Аны үчүн илиг анча тутмыс эринч, илиг тутып төрүг итмис. Өзинче (? өз ынча, өзи анча?)

(4) кергек болмыс. Йугчы сыгытчы өңре, күн тогсыкда Бөкли чөл (л) иг ил, табгач түпүт, апар, пурум, кыркыз, үч курыкан, отуз татар, кытан, татабы — бунча будун келипен сыгтамыс йугламыс: актаг күлиг каган эрмис. Анта кисре иниси каган

(5) болмыс эринч, оглы та (аты да болуп окулуп жүрөт) каган болмыс эринч. Анта кисре иниси эчисин тег кылынмадук эринч, оглы каңын тег кылынмадук эринч, билигсиз каган олурмыс эринч йаблак каган олурмыс эринч, буйурукы йеме билигсиз эринч йаблак эрмис эринч.

(6) Беглери будыны түзсиз үчүн, табгач будун теблигин күрлиг үчүн армакчысын үчүн, инили эчили киңшүртүкин (киңсүртүкин?) үчүн, бегли будынлыг йоңшуртукын үчүн, түрк будун илледүк илин ычгыну ыдмыс.

(7) Қаганладук каганын йитүрү ыдмыс, табгач будунка бегилик уры оглын кул болты, силик кыз оглын күң болты. Түрк беглер түрк атын ыты, табгачгы беглер табгач атын тутыпан, табгач каганка

(8) кермис, элиг йыл исиг күчиг бирмис. Илгерү күн тогсыкда Бекли каганка теги сүлейү бирмис, Қурыгару Темир капыгка теги сүлейү бирмис, табгач каганка илин төрүсин алы бирмис. Түрк кара камуг

(9) Будун анча тимис: «иллиг будун эртим, илим амты каны? Кемке илиг казганурмен?», — тир эрмис «каганлыг» будун эртим, каганым каны, не каганка исиг күчиг бирүрмен?» — тир эрмис, анча тип, табгач каганка йагы болмыс.

(10) Йагы болып, итину йаратану умадук, йана ичикмис. Бунча исиг күчиг биртүкгерү сакынматы. «түрк будун өлүпейин уругсыратайын», — тир эрмис, йокаду барыр эрмис. Үз түрк теңриси түрк ыдук йири

(11) субы анча тимис: түрк будун йок болмазун, тийин, будун болчун, тийин, каңым Илтериси каганыг, өгим Илбилге катуныг теңри төпесинте тутып йөгерү көтүрмис эринч. Қаңым каган йити йегирим эрин ташыкмыс, ташра

(12) йорыйур, тийин, кү эсидип, балыкдакы тагыкмыс, тагдакы инмис, тирилип йетмис эр болмыс. Теңри

куч биртук үчүн каңым каган сүсиборү тег эрмис, йагасы коп тег эрмис: илгерү курыгару сүлеп ти тирмиш кобарт (мыш) (ка) мугы

(13) йети йүз эр болмыс. Йети йүз эр болып элсиремис (илсиремис) кагансырамыс будуныг, күцедмис куладмыс будуныг, түрк төрүсүн ычгынмыс будуныг эчүм апам төрүсинче йаратмыс, бошгурмыс, телис, тардуш (будуныг анта этмиш),

(14) йабгуг шадыг анта бермис. Бирийе табгач будун йагы эрмис, йыпайа Баз каган токуз огуз будун йагы эрмис, кыркыз, курыкан, отуз татар, кытаң, татабы коп йагы эрмис. Қаңым каган бунча ...

(15) кырк артук (ы йит) и йолы сүлемис, йегирми сүңүс сүңүсмис теңри йарлыкадук үчүн иллигиг илсиретмис, каганлыгыг кагансыратмыс, йагыг баз кылмыс, тизлигиг сөкүрмис, башлыгыг йүкүнтүр (мис—каңым каган) инче илиг

(16) төрүг казганып, уча бармыс. Қаңым каганка башлайу Баз каганыг балбал тикмис, ол төрүде үзе эчим каган олурты. Эчим каган олурыпан, түрк будуныг йиче идти, игити, чыганыг (бай, кылты, азыг үкүс кылты).

(17) Эчим каган олуртукда, өзим тардуш будун үзе шад эртим. Эчим каган бирле илгерү Йышал үгүз Шантүң йазыка теги суледимиз, курыгару Темир капыгка теги сүледимиз, Қөгмен аша кы(ркыз) йирице теги (сүледимиз).

(18) Қамугы биш отуз сүледимиз, үч йегирми сүңүшдимиз иллигиг илсиретдимиз каганлыгыг кагансыратдымыз, тизлигиг сөкүртимиз, башлыгыг йүкүнтүртимиз, түргис каган түркимиз (будуним эрти, билмедүкин).

(19) үчүн, бизице йаңлукын (йаңылдукын деп да окууга болт) үчүн каганы өлти, буйурукы беглери йеме өлти, он ок будун эмгек көрти. Эчүмиз апамыз тутмыс йир суб идисиз болмазун тийин, аз будуныг итип йар (атып) ...

(20) Барс бег эрти, каган ат бунта биз биртимиз, сиңлим кунчуйуг биртимиз; өзи йаңылты, каганы өлти, будуны күң кул болты. Қөгмен йир суб идисиз калмазун»,— тийин, аз кыркыз будуныг йарат (ып) келтимиз сүңүсдимиз илин).

(21) йана биртимиз. Илгерү Қадыркан йышыг аша, будуныг анча контуртымыз, анча итдимиз; курыгару Кеңү тарманка теги түрк будуныг анча контуртымыз,

анча итдимиз. Ол өдке кул куллыг болмыс эрти (күң күңлиг болмыс эрти, иниси эчисин билмез эрти, оглы каңын билмез эрти).

(22) Анча казганмыс итмис илимиз төрүмиз эрти. Түрк огуз беглери будун эсидиң! Үзе теңри басмасар, асра йир телинмесер, түрк будун, илиңин төрүңин кем артаты? (удачы эрти түрк будун).

(23) Өкүн! көргүңин үчүн игидмис билге каганыңа, эрмис бармыс едгү илиңе кентү йаңылтыг, йаблак кигүртиг. Йарыклыг кантан (кантын?) келип йана елтди? Сүңүглиг кантан (кантын?) келипен сүре элтди? Ыдук Өтүкен йыш (будун бардыг, илгерү барыгма).

(24) бардыг, курыгару барыгма бардыг; бардук йирде эдгүг ол эринч: каның субча йүгүрти, сөңүкүң тагча йатды, бегилик уры оглың кул болты, силик кыз оглың күң болты! Билмедүк үчүн (йаблакыңын үчүн эчим каган уча барды).

(25) башлайу кыркыз каганыг балбал тикдим. Түрк будуныг аты күси йок болмазун тийин, каңым каганыг, өгим катуныг көтүрмиш теңри, ил биригме теңри, түрк будун аты күси йок бол (мазун тийин, өзимин ол теңри).

(26) каган олуртды эринч. Неӊ йылсыг будунка олурмадым, ичре ашсыз, ташра тонсыз йабыз йаблак будунта үзе олуртым. Иним Күл тигин бирле сөзлешдимиз, каңымыз эчимис каз (ганмыш будун аты күси йок болмазун)

(27) тийин, түрк будун үчүн түн удымадым, күнтүз олурмадым; иним Күл тигин бирле, эки шад бирле өлү йиту казгантым; анча казганып, бирики будуныг от суб кылмадым; мен (өзим каган олуртукыма — өзүм кандыкка отурганымда «когда я сел на царство») (йир сайу)

(28) бармыш будун өлү йиту йадагын йалаңын йана келти. Будуныг игидейин тийин, йыгару огуз будун тапа, илгерү кытаң татабы будун тапа, биргерү табгач тапа улуг сү эки йегирим... (сүңүшдим, анта).

(29) кисре, теңри йарлыказу, кутым бар үчүн улүгим бар үчүн өлтечи будуныг тиригрү игитим, йалаң будуныг тонлыг, чыгаң будуныг бай кылтым, аз будуныг үкүш кылтым, ыгар эллигде (ыгар каганлыгда йег кылтым, төрт булуңдакы)

(30) будуныг коп баз кылтым, йагысыз кылтым, коп маңа көрти. Исиг күчиг бирүр бунча төрүг казганып иним Күл тигин өзүнчө кергек болты (булты?) Каным

каган учдукда, иним Күл тигин йи (ти йашда калты, он йашда)

(31) Умай тег өгим катун кутыңа иним Күл тигин эр ат болты. (ат булты «приобрел имя» — атка конду) Алты йегирми йашыңа эчим каган илин төрүсин анча казганты, алты чуб Соғдак тапа сүледимиз, буздымыз. Табгач Оң тутук бис т (үмен сү келти, сүңүсдимиз).

(32) Күл тигин йадагын оплайу тегди; Оң тутук йорчын йараклыг элигин тутды йараклыгды каганка анчулады (инч улады деп да окууга болот) Ол сүг анта йоккышдымыз. Бир отуз йашыңа Чача сеңүнке сүңүшдимиз; эң илки Тадыкын Чурың боз (атыг бинип тегди, ол ат анта)

(33) өлти. Акинти Ышбара йамтар боз атыг бинип тегди, ол ат анта өлти; үчинч Йегин Силиг бегиң кедимлиг токыг ат бинип тегди, ол от анта өлти. Йаракынта йалмасынта йүз артук окун үрты йизек (?) башыңа бир (тегүрмеди)...

(34) тегдүкин түрк беглер, коп билирсиз. Ол сүг анта йоккышдымыз. Анта кисре йир Байырку улуг Иркин йагы болты. Аны йаңып Түрги йаргун көлте буздымыз; улуг Иркин азкыңа эрин тезип барды. Күл тигин (алты отуз).

(35) Йашыңа кыркыз тапа сүледимиз; сүңүг батымы карыг секипен, Көгмен йышыг тога йорып, кыркыз будуныг уда басдымыз; каганын бирле Сүңа йышда сүңүшдимиз; Күл тигин Байыркун (ың ак адгырыг)

(36) бинип оплайу тегди; бир эриг окун урты, эки эриг удышру санчды; ол тегдукде Байыркунун ак адгырыг удлыкын сыйу урты. Кыркыз каганын өлүртүмиз, илин алтымыз. Ол йылка тү (ргис тапа Алтун йышыг)

(37) тога Эртис үгүзиг кече йорыдымыз, түргис будуныг уда басдымыз; түргис каган сүси Болчуда отча борча келти, сүңүшдимиз; Күл тигин Башгу боз ат бинип тегди; Башгу боз...

(38) ...экисин өзи алтызды. Анта йана кирип түргис каган буйурукы, аз тутукуг элигин тутды. Каганын анта өлүртимиз, илин алтымыз, кара түргис будун коп ичикди; ол будуныг (табарда кондуртымыз), йана йорып

(39) согдак будун итейин тийин, Йинчү үгүзиг кече Темир капыгка теги сүледимиз. Анта кисре кара түргис будун йагы болмыш кеңерес тапа барды. Бизиң сү аты турук, азукы йок эрти, йаблак киси эр...

(40) алп эр бизиңе тегмиш эрти. Антаг өдке өкүнип, Күл тигиниг аз эрин иртүрү ытымыз. Улуг сүңүш сүңүшмиш, алп Шалчы ак атын бинип тегмиш, кара түргис будуныг анта өлүрмиш алмыш, йана йорып...

(41) (1) ... бирле Кушу тутук бирле сүңүшмиш, эрин коп өлүрмис, эбин барымын (калы) сыз коп кетүрти. Күл тигин йити отуз йашыңа, карлук будун эрүр барур эрикли йагы болты. Тамаг ыдук башда сүңүздимиз

(42) (2) (Күл) тигин ол сүзүшде отуз йашайурп эрти: алп Шалчы (ак а) тын бинип оплайу тегди: эли эриг удышру санчды. Карлукуг өлүртимиз, алтымыз; аз будун йагы болты; Кара көлте сүңүшдимиз, Күл тигин бир кырк йашайур эрти: алп Шалчы акын

(43) (3) бинип оплайу тегди; аз элтебериг тутды; аз будун анта йок болты. Эчим каган или камашыг (камшаг?) болтукынта, будун илиги кеги болтукынта изгил будун бирле сүңүшдимиз. Күл тигин алп Шалчы акын бинип

(44) (4) опла (йу тег) ди, ол ат анта түс (ди и) згил будун өлти. Токуз огуз будун кентү будуным эрти; теңри йир булгакын үчүн йагы болты; бир йылка биш йолы сүңүшдимиз; эң илик Тогу балыкда сүңүшдимиз.

(45) (5) Күл тигин Азман акыг бинип, оплайу тегди, алты эриг санчды, сү тегисинте йитинч эриг кылычлады; экинти Кушлагакда эдиз бирле сүңүшдимиз, Күл тигин Аз йагызын бинин оплайу тегип, бир эриг танчды,

(46) (6) токуз эриг эгире токыды; эдиз будун анта өлтү: үчинч Бол...нда огуз бирле сүңүшдимиз, Күл тигин Азман акыг бинип, тегди, санчды, сүсин санчдымыз, илин алтымыз; төртинч Чуш башынта сүңүшдимиз; түрк

(47) (7) будун адак камаштды, йаблак болт (ач) ы ирти; оза келмис сүсин Күл ти (гин) агытып, Тоңра бир огуш алпагу он эриг, Тоңа тигин йогынта, эгирип өлүртимиз. Бисинч Эзгенти Кадазда огуз бирле сүңүсдимиз; Күл тигин.

(48) (8) Аз йагызын бинип тегди, эки эриг санчды, балык (к) а бармады. Ол сү анта өл(ти). Магы (же): Амгы Курган (к)ышлап йазынчаогузгару сү ташыкдымыз. Күл тигин эбиг башлайу кытымыз; огуз йагы ордуг басды. Күл тигин.

(49) (9) Өгсиз акын бинип токуз эрин санчды, ордуг бирмеди, өгим катун улайу өглерим, экелерим, ке-

линүним, кунчуйларым бунча йеме тиригн күң болтачы эрти, өлүги йүртда йолта йату калтачы эртигиз!

(50) (10) Күл тигин йок ерсер коп өлтечи эртигиз! Иним Күл тигин кергек болты, өзим сакынтым; көрүр көзим көрмез тег, билер билигим билмез тег болты, өзим сакынтым. Өд теңри йасар, киси оглы коп өлгели (же өлүгли?) төрүмис

(51) (11) Анча сакынтым; көздс йаш келсер, эти да көңулте сыгыт келсер, йантуру сакынтым, катыг да сакынтым: эки шад улайу инийнгүнип огланым беглерип будуным көзү кашы йаблак болтачы тил, сакынтым. Йугчы сыгытгы катан татабы будун башлайу

(52) (12) Удар сеңүн келти; табгач каганта Исйи Ликең келти, бир түмөн агы, алтун, күмүш кергексиз келүрти; Түпүт каганта Бөлөн келти. Курыйа күн батсыкдакы Согд, Берчекер, Букарак улыс будунта Неңсеңүн огул таркан келти.

(53) (13) Он ок оглым түргис каганта Макрач тамгачы, Огуз Билге тамгачы келти; кыргыз каганта тардуш Ынанчу Чур келти: барк итгүчи, бедиз йаратыгма битиг таш итгүчи табгач каган чыканы Чаң сеңүн келти. Күл тигин коп йылка йити йегирмике учды: токузунч ай йети отузка йог эртүртимиз. Баркын бедизин битиг таш(ын) бичин йылка йитинч ай йити отузка коп алкады(м)ыз. Күл тигин ө(лип) кырк артук(ый) ити йашың булыт (болты?) — деп да окулушу мүмкүн таш... бунча бедизчиг тойгун элтебер келү(р)ти.

# КӨК ТҮРКТӨРДҮН КОЛ БАШЧЫСЫ КҮЛТЕГИНДИН ЭСТЕЛИГИНДЕГИ ЖАЗУУЛАРДЫН КЫРГЫЗЧА ОКУЛУШУ

## КЫСКА ЖАЗУУ

1). Теңримдей, теңрим болтурган (жараткан) түрк билге каганы бу такка отурдум. Сөзүмдү түгөл эшиткен (уккула) улуу-кичүү тууганларым, уулум (уулдарым), бирдиктүү уруум, элим, оңумдагы шадапыт (чин) бектер, солумдагы (сол жактагы) таркат буйрук берүүчү бектер, отуз...

2) Тогуз огуз бектери, эли бу сөзүмдү назарлуу (жакшы) эшит (ук). Катуу (терең) тыңда. Илгери күн чыгышта, оңго — гүштүктө, артка күн батышта, солго — түндүктө бул ичтеги (арадагы) көп эл мага багынган мынча эл

3) ... көп эттим (эмгектендим, аракеттендим). Ал эми өөнү (арамы) жок түрк каганы Өтүкен жышда отурса, элде муң жок. Илгери (чыгышка) Шантуң жайыкка чейин жортуулдадым, деңизге кичине жетпедим, түштүккө Тогуз Эрсенге чейин жортуулдадым, Түпүткө (Тибетке) кичине тийбедим (жетпедим). Батышка Йинчү-Үгүз (жердин аты)

4) кечип Темир-Капкага чейин жортуулдадым. Жогору (түндүккө) Жер байырку жерине дейре жортуулдадым, мынча жерге дейре жорттум (чаптым). Өтүкөн жышда ийги (акылдуу) ээ жок эле, эл тутууга (башкарууга) Өтүкен жыш (ылайык) жер эле. Бу жерде отуруп, табгач эли менен

5). түзөлдүм (ынтымакка келдим). Алтын, күмүш, ичимдикти кыйналбай-кысталбай мынча көп берип жүргөн табгач элинин сөзү таттуу, оозу (сөзү) жумшак эди (эле); таттуу сөзү менен, жумшак асылы менен азгырып ыраак калкты өзүнө мынча (ушунча) жакын кылды. Жакын конгондон кийин азгырма билим (бузукулукту) үйрөнүштү.

6). Эстүү, билги кишини, эстүү алп кишини буза албас; бир киши жаңылса, көп журт тукумуна чейин кетер (жоголор) элең, таттуу сөзүнө, асыл тартуусуна алданып көп түрк эли өлдү. Түрк эли бөлүнүп, түштүктөгү Чугай жыш түгүл, Түн

7). жайыгына коноюн дедиңер, түрк эли, кээ бириңерге, бузуку кишилер анда мындай деп үйрөттү: «ыраак болсоңор, жаман асыл дүйнө (таттуу) берер, жакын консоң жакшы белек берер»,— деп... Билими жок билбес (киши ал сөзгө алынып (ишенип) жакын барып, көп киши өлдү.

8). Ал жерге барсаң, түрк эли өлмөкчүсүң. Өтүкен жеринде отуруп, ары-бери ысар (кербен) узатсаң, эч муңуң жок. Өтүкөн жышында отурсаң, түбөлүк элиңди тутуп (башкарып) отурмакчысың, түрк эли ток. Ач арыксың, бирок токчулукту бир тойсоң, ачкалыкты ойлобойсуң, андайын үчүн

9). акылман каныңдын сөзүн албай (укпай), жер сайып (кезип) бардың, көп (көбүң) анда ачтың, арыдың. Андан калганың, жер кезип тирүү-өлүүнүн ичинде

тептиген элен. Теңри жалгаган үчүн, озум (өзүмдүн) кутум бар үчүн кандыкка отурдум. Каган болуп

10). жок (жарды) элди мүлктүү кылдым, жарды элди бай кылдым, аз элди көп кылдым. Же бу сөзүмдө ката барбы? Түрк бектери, эли муну эшитиң. Түрк элин жыйып эл тутканыңды (башкарганыңды) мында чек--тим жаңылып бөлүнгөнүңөрдү дагы

11). мында чектим, не бир болгон (айтайын деген) сөздөрүмдү түбөлүк ташка чектим, аны көрүп билиң (билгиле), эми түрк бектери, эли; тагыма (кандыгыма) кирген бектер жаңылышасыздар (жаңылышып жүрбөгүлө) Мен түбөлүк таш... табгач кандан бедизчи (оймочу, чегүүчү) алдырдым чектирдим (жаздырдым). Менин сөзүмдү сындырбады (бурбады, ката кетирген жок):

12). табгач каны ичтеги бедизчи (тамгачы, уста) жиберди. Ага өзгөчө күмбөз салдырдым, ичи-тышына айрыкча (эң сонун) оюу-чийүү салдырдым, таш (эстелик) тургуздум, көңүлдөгү сөзүмү... (он ок уулдары), таттарга чейин муну көрүп билгиле, түбөлүк таш тургуздум. Бул жер тогуз жолдун тоому болгондуктан

13). мындай жерге түбөлүк таш (эстелик) тургуздум, жаздырдым. Аны көрүп, билиң. Ал таш... дым Бу жазууну жазган небереси Йол (л) ыг тегин.

## КӨЛӨМДҮҮ ЖАЗУУ

1). Үстүдө көк теңри, астыда кара (күрөң) жер жаралганда эки арада (экөөнүн ортосунда) киши уулу жаралган. Киши уулуна менин бабам Бумын каган, Истеми каган кандыкка олтурган. Олтуруп түрк журтунун, мамлекетинин мыйзамын тутуп, бийлигин орноткон (жүргүзгөн) экен.

2). Төрт булуң (тараптын) баары жоо болгон, кол баштап, төрт булуңдагы (тараптагы) элдин баарын алган (караткан), көбүн тынч кылган (тынчтыкка чакырган), баштуусун жүгүнткөн, тизелүүсүн чөгөлөткөн. Илгери (күн чыгышта) Кадыркан жышка дейре, артка (батышка) Темир-Капкага чейин кондурган. Эки арада (ушул эки аралыкта)

3). ээсиз (башкаруусуз), уруксуз көк түрк олтурган (ээлешкен) эле. Акылман кандар эле, алп кандар эле, буйругу дагы калыс, насааттуу эле, алп болгон эле; бектери да, эли да түз (көңүлдөрүндө кара жок)

болгон эле. Ал үчүн элин (мамлекетин) мынча узак тутуп (башкарып), мыйзамын жүргүзгөн, Өзүнчө (өзү анча?)

4). кергек[1] болушту. Жоктоочу, ыйлап-сыктоочулар чыгыштан Бекли чөлүндөгү эл, табгач, тибет, апар, пурум. кыргыз, үч, курыкан, отуз татар, кытан (кара кытай), татабы — мынча журт келишип ыйлашты-сыкташты. Андай (ушундай) атактуу кандар болгон эле. Андан кийин инилери

5). болушкан эле, уулдары да кан болушкан эле. Андан кийин иниси агасындай болбоду, уулдары канындай (атасындай) болбоду, билимсиз каган олтурган эле, акылсыз (жаман) каган олтурган эле, буйругу да (насааты да) акылсыз, жаман болгон эле.

6). Бектери, эли түзсүздүгү үчүн, табгач элинин бузукулугунан (кайраштырганы үчүн) азгырганы үчүн, ага (жана) инини кайраштырганы үчүн, бектүү (бектери бар) элди жоолаштырганы үчүн, түрк калкынын элдүүлүгүн (мамлекетинин) биримдигин учуп кетти (бузулуп калды).

7). Кандык жүргүзгөн каныи житирип (жок кылып) табгач элине бек болгон уулдарың кул болду, сулуу кыздарың күң болду. Түрк бектери түрк атын житирди, табгач бектеринин, табгач атын тутуу менен, табгач канына

8). багынды, элүү жыл эмгекти, күчтү берди. Илгери күн чыгышка Бекли канга чейин жортуулга барды, батышка Темир Капкага чейин жортуулга барды, табгач канга элин (мамлекетин), мыйзамын алдырды, түрк калайык-калкы

9). эли мындай деди: «Элдүү (мамлекеттүү) журт элем, эми элим кана? Кимге элди (мамлекетти) курдум?— деп,— канга (каны бар) эл элем, каганым кана? Не (кайсы) каганга эмгегимди, күчүмдү беремин?»— деп айтышты, мындай деп табгач канга жоо болду.

10). Жоо болуп өзү үчүн (бирдеке) жарата( кура) албадык, кайра (табгачка) баш ийди. Мынча эмгекти, күчтү берүүнү ойлобой — түрк эли өзүбүздү өзүбүз мындан көрө өлтүрөлү, уруксуз бололу»,— деп айтышты, жоголо баштапты (өлүмгө барышты). Үстүдөгү (асмандагы) түрк теңири, түрк ыйык жери,

11). суусу мындай деген: түрк эли жок болбосун деп, эл болсун деп; атам Илтерис каганды, энем Ил-

---

[1] кергек — өлдү деген мааниде.

билге катунду теңри колдоп, зоболосун жогору көтөргөн экен. Каган атам он жети эр менен тышка кетип кол топтоду.

12). Тышта (жер кезип) жүрөт деген күбүр эшитишип, шаардагылар тоого чыгышкан, тоодогулар ылдый түшүп, түрүлүп (жыйналып) жетимиш эр болгон. Теңри күч берген үчүн, кан атамын колу бөрүдөй, жоосу койдой болду, чыгышка, батышка жортуулдап кол курады. Бардыгы

13). жети жүз эр болгон. Жети жүз эр болуп элсиреген (элсиз), кансыраган (кансыз) элди, күң, кул болгон элди, түрк мыйзамынан ажыраган элди ата-баба мекенине кайра жаратты (кондурду). Төлөс, тардуш (элин анда жетимиш)

14). йабгу шад деген наамды анда (ошондо) берген. Оң жакта түштүктө табгач эли жоо эле, сол жакта Баз каган, тогуз огуз эли жоо эле, кыргыз, курыкан, отуз татар, кытаң (кара кытай); татаби, баары жоо эле. Каган атам мынча

15). кырк (артык) жолу жоортуулдадык, жыйырма жолу сүңүг сүңүштүм (найза сайыштык), теңир жалгаганы үчүн элдүүнү элсиз, кандууну кансыз кылдык. Жоону бас (жок) кылдык, тизелүүнү бүктүрдүк, баштууну жүгүнттүк. Кан атам... элин (мамлекетин),

16). бийлигин куруп, учуп кетти (өлдү). Каган атама (арнап) Баз каганды баштап балбал тиктик, анын тагына өз агам (кандыкка) олтурду. Агам кандыкка олтуруп түрк журтун курап, чыңап, жардыны (бай кылды, азды көбөйттү).

17). Агам кагандыкка олтурганда өзүм тардуш калкына шад элем. Каган агам менен бирге илгери Жашыл өзөнгө, Шаңтуң жайыгына чейин жортуулдадык, батышка Темир Капкага чейин жортуулдадык. Көгөмөндү аша кыргыз жерине чейин жортуулдадык.

18). Барлыгы жыйырма беш жолу жортуулдадык, он үч жолу сүңүштүк (сайыштык), элдүүнү элсиз кылдык, кандуусун кансыз кылдык, тизелүүнү чөгөлөттүк, баштуусун жүгүнттүк, түргөш кан өз түрк элибизден эле. билбегендиги(н),

19). үчүн, бизге (биздин алдыбызда) жаңылгандыгы(н) үчүн каны өлдү, буйрук берүүчүлөрү, бектери да өлдү. Он ок эли азап көрдү. Ата-бабабыз тутунган жер-суу ээсиз болбосун деп, аз элди курап жар (атып)... С. Е. Малов бул, балким аз деген журт болушу мүмкүн деген пикирин кашага кошо жазган).

20). Барсбек эле, каган атагын мында биз бердик, сиңдими (карындашымы — түзүүчүнүн эскертүүсү) канышаны бердик. Өзү жаңылды, каганы өлдү, эли күң, кул болду. «Көгмен жер-суусу ээсиз калбасын» — деп, аз кыргыз элин (журтун) курап келдик, сүңгүштүк (найзалаштык), эли менен...

21). жана (кайра) бердик. Илгери Кадыркан жышты (черди) аша, журтту анда кондурдук, иретке келтирдик. Батышка Кеңү-Тарманга чейин түрк журтун (анда) кондурдук, иретке келтирдик. Ал кезде кул кулдуу болгон эле, күң күңдүү болгон эле, иниси агасын билбес эле, уулу атасын билбес эле (Жер кеңендигинен тууган-урук бири биринен алыс конуп, кабарлашып тура албагандыгы жөнүндө сөз жүрүп жатат — түзүүчү)

22). эмгектенип курган элибиздин бийлиги, мыйзамы ушундай эле. Түрк огуз бектери, журту эшитиң. Үстүдөгү теңири баспаса, астыда жер тилинбесе, түрк журту бийлигиңди ким арытат (жоготот) эле? Түрк эли

23). өкүн! Көрө албастыгың үчүн акылман каганыңа, акыйкат мамлекетиңе каршы болуп өзүң жаңылдың, душман келтирдиң. Жарактуу(лар) кайдан келип, (сени кайда) чачты? Сүңгүчөндөр (найзалуулар) кайдан келип, (кайда) сүрдү? Ыйык түкөн жышыдагы (эл өзүң бардың. Чыгышка бардың, артка чаптың (батышка)

24). (жортуулдадың) барган жериңде жакшылыгың болбоду: каның суудай акты, сөөгүң тоодой жатты (жыйылды), бек уулуң кул болду, сулуу кызың күң болду. Билбестигиң үчүн (жамандыгыңан) каган агам учуп кетти

25). Кыргыз каганды баштап балбал тиктим. Түрк элинин аты, даңкы жоголбосун (өчпөсүн) деп, каган атамы, умай энеми теңири көтөрдү, эл берген теңри түрк элинин аты, даңкы жоголбосун деп, өзүмдү теңири

26). кандыкка отургузган эле, (эч болбосо) бай журтка олтурбадым (каган болбодум), ичи ашсыз (ачка), тышы тонсуз (кийимсиз), басынган, жарды журтка олтурдум. Иним Күлтегин менен сүйлөштүк, ата-бабабыз курган (кураган журттун аты, даңкы жоголбосун

27). деп, түрк журту үчүн түн уктабадым, күндүз отурбадым; иним Күлтегин менен, эки шад менен өлүп-житип бараткандарды курадым (өлүп-тирилип жерибизди кеңейттим деп которууга да болот — түзүүчү), мынча жыйнап, курап бириккен журтту от-суу кылба-

дым (өзүбүзгө өчөштүрбөдүм, кепке келтирүүгө аракеттендим деген маанинде — түзүүчү), Мен өзүм кагандыкка олтурганда жер-суу

28). барган (кезген — түзүүчү журттун өлүп-житкенден калгандары жөө-жалаң (ачып-арып) кайра келишти. Журтту ирдентейин деп, оңго огуз элине чейин, сол жакка табгачка чейин улуу (чоң) кол алып он эки... (салгылаштык), андан кийин, теңри жалгап, кутум бар

29). үчүн, үлүшүм бар үчүн өлүп бараткан элди тирилтип ирденттим, жылаңач элди тондуу, жарды элди бай кылдым. Аз журтту көбөйттүм, бактысыз элге (мамлекетке) (биз менен таттуулашкан журтка деп которуу дурус болор — түзүүчү) жакшылык кылдым, төрт булуңдагы (төгөрөктүн төрт бурчундагы — түзүүчү)

30). журтту көп (жолу) баз кылдым (багындардым), жоосуз кылдым (аларды өзүмө өчөштүрбөдүм маанисинде — түзүүчү), көбү мага багынды. Мынча эмгекти, күчүн берип, мынча журт жыйнап, иним Күлтегин өзү кергек болду. Каган атам учканда Күлтегин жети жашта калды, он жашында

31). Умай энедей каныша энемин бактысына иним Күлтегин эр атын (наамын) алды. Он алты жашында каган агам элин, бийлигин ушунча чыңдады, алты чуб согдыларга чейин жортуулдадык, чаптык. Табгач, оң тутук[1] (тан) беш түмөн (элүү миң) колу менен келди, салгылаштык.

32). Күлтегин жоого жөө опуруп тийди. Оң тутукту[1] башчылары менен кошо курал-жарактуу колу менен тутту. Куралдууларды каганга арнады (тартууланды). Ал колду анда жок кылдык. Жыйырма бир жашында Чача Сеңүң менен сүңгүштүк. Эң алгач Тадыкын Чурдун боз (атын минип тийди, ал ат анда)

33). өлдү. Экинчи жолу Ышбара-Йамтардын боз атын минип тийди, ал ат анда өлдү; үчүнчү (жолу) Йегин Силиг бектин токулуу тору атын минип тийди, ал ат анда өлдү. Жарагына (зоотуна) жүздөн артык ок тийди, башына бирди да (тийгизбеди)...

34). анын жоого тийгенин түрк бектери көп билесиздер. Ал колду анда жок кылдык. Андан кийин йер байырку (уруусунун) улуг Иркин жоо болду. Аны Түрги-Йаргун көлдө буздук (кыйраттык); улуг Иркин аз

[1] Оң тутук — чин, титул

гана эрлери (кишилери) менен качты. Күлтегин (жыйырма алты)

35). жашында кыргыздарга карай жортуулдадык. Сүңгү бою карды жирөп, Көгмен черин ашып, кыргыз журтун уйкуда бастык. Каны менен Суңа черинде сүңүштүк. Күлтегин Байыркудан алынган (ак айгырды)

36). минип опуруп тийди; бир эрди ок менен учурду, эки эрин удаа сайды, ал чабышта Байыркунун ак айгырынын жамбашы сынды. Кыргыз канын өлтүрдүк, элин алдык. Ал жылы түргөшкө карай Алтын жышты

37). тогоп (ашып), Эртиш суусун кечип жортуулдадык. Түргөш элин уйкуда бастык. Түргөш кагандын колу Болчуда оттой жанып, бороондой келди, сүңгүштүк; Күлтегин Башгу деген боз атты минип тийди Башгу боз...

38). ...экөөнү өзү алдырды. Анда жана кайра кирип, түргөш каганынын буйрук берчүсүн, аздардын тутугун колу менен тутту. Каганын анда өлтүрдүк, элин алдык; кара түргөш элинин баары багынды. Ал журтту Табарга кондурдук, кайра жортуулдап,

39). согд элин оноюн деп, Йинчи-Үгүздү кече Темир Капкага чейин жортуулдадык. Андан кийин түргөш журтунун көпчүлүгү (өзүнө) жоо болгон кенереске барды. Биздин колдун аты торук, азыгы жок эле, жаман кишилер...

40). алп кишилери (эрлери) бизге тийишти. Андай убакка өкүнүп, Күлтегинди бир аз эри (жоокерлери) менен жибердик. (Ал) улуу салгылашыптыр, алп Шалчынын ак (боз) атын минип тийип түргөш журтун анда өлүм таптырган (чапкан?) жана (кайра) жортуулдап...

41). ...бирге Кушу тутук менен чабышкан, эрлеринин (эркектеринин) көбүн өлтүргөн; үй-мүлкүн калтырбай көп алып келди. Күлтегин жыйырма жети жашында карлук журтү барды-келдиден (эркиндиктен) пайдаланып жоо болду. Ыйык-Тамагдын[1] башында сүңгүштүк

42). (Күл) тегин ал сайышта отузду жашайт эле; алп Шалчынын (ак а)тын минип опуруп тийди. Эки эрди удаа жанчты. Карлуктарды өлтүрдүк, алдык. Аз журту жоо болду. Кара-Көлдө сайыштык; Күлтегин отуз бирди жашайт эле, алп Шалчынын агын (ак а)тын

43). минип, опуруп тийди; аз элтеберин тутту, аз элин

---

[1] Ыйык-Тамагдын — жердин аты

анда жок болду. Каган агамдын эл-журту козголоң чыгарганда, журт арасында кек болгондо, биз изгил журту менен сүңгүштүк. Күлтегин алп Шалчынын агын

44). минип опруп тийди. Ал ат анда жыгылды. Изгил журту өлдү. Тогуз огуз журту өз журтум эле; Теңири, жер козголгон үчүн жоо болду; бир жылда беш жолу сүңгүштүк, эң илгери (алгач) Тогу балыкта[1] сүңүштүк,

45). Күлтегин Азмандын ак атын минип, опуруп тийип, алты эрди жанчты, кол тийшкенде жетинчи эрди кылычтады; экинчи жолу Кушлакта эдиздер менен сүңгүштүк. Күлтегин аз(дардын) буурулун минип опуруп тийип, бир эрди

46). сайды, тогуз эрди кубалап сайды; эдиз анда өлдү; үчүнчү (жолу) Бол. анда огуз(дар) менен сүңгүлөштүк. Күлтегин Азмандын ак атын минип тийди, жанчты; колун жанчтык; төртүнчү (жолу) Чүш (тоосунун) башында чабыштык; түрк...

47). журтунун аягы талыды, жаман болот эле; озуп келген колун Күлтегин сүрүп, тоңра уруусунун он эрин Тоңа тегинди жоктоп жатышканда ийрип өлтүрдүк. Бешинчи (жолу) Эзгенти-Кадазда огуз(дар) менен чабыштык. Күлтегин

48). аз(дардын) буурулун минип тийди, эки эрди жанчты, балык (ка) (шаарга) барбады. Ал кол анда өлдү. Магы коргондо (чепте) кыштап, жазында огуздарды көздөй кол аткардык. Күлтегинди үйгө (ордого) башкарууга кайтарууга кайтардык. Огуз-жоо ордону басты. Күлтегин

49). Өгсиздин (Малов акылсыз маанисинде которгон, Мырзатай Жолдошбеков казакчага энесиз, жетим деп которгон жана аны казакта Жетимек деп аталган күлүктөр деп болгондугу менен негиздеген — түзүүчүдөн) агын минип тогуз эрин жанчты, ордону бербеди. Энем — катын, аны улаган энелерим (атасы Билге кагандын башка аялдары, токолдору), жеңелерим, келиндерим, канышалар күң болмокчу эле, өлүгү журтта, жолдо жатып калмакчы эле(ңер).

50). Күлтегин жок болсо, көбүңөр (баарыңар) өлмөксүңөр. Иним Күлтегин кергек болду. Өзүм сагындым (аза күттүм) көрөр көзүм көрбөс, билер билгим (акылым) билбестей болду, өзүм сагындым. Убакыт,

---

[1] балык — шаар

теңири (бешенеге) жазат, кичи уулунун баары өлгөнү төрөлгөн.

51). Ушунча сагындым (кайгырдым, аза күттүм), көзгө жаш келет, көңүлгө сый (кайгы, муң) келет, кайра сагындым, катуу сагындым (кайгырдым); эки шад (ага) улай ини-туугандарым, бектерим, журтум көз жашы (кабак-кашы) бүркөлөт, жаман болот деп сагындым (кайгырдым). Ыйлап-сыктаганга кытан (кара кытай), татабы журтунан

52). Удар Сеңүн баштап келди; табгачтардан Исйи-Ликең келди, бир түмөн (10.000) асыл дүнүйө, алтын, күмүштү керегинче (эсепсиз) алып келди. Түпүт каганынан Бөлөн келди. Арттан — күн батыштагы согд, берчекер (парс?), букарак (Бухара) улустарынын (өлкөлөрүнүн) журтунан Нең Сеңүң, Огул таркан келди.

53). Он ок (журтунан), уулуман, түргөш каганынан Макрач тамгачы, Огуз Билге тамгачы (мөөр сактагыч) келди. Кыргыз каганынан Тардуш Ынанчу Чур келди; имарат этүүчү (куруучу), бедиз жаратуучу (оймо-чийме салуучу), жазуу таш этүүчү **чебер** Чаң Сеңун кагандан келди. (Эстеликтеги **чыканы** деген сөздү Малов **чиновниктер**, П. М. Мелиоранский **ташчылар** деп алган. Кыргыз илимдер академиясынын «Илим» басмасынан 1982-жылы жарык көргөн жыйнакта **табгач кагандын** жээни Чаң-Сеңун деп кеткен. Т. Сыдыкбеков **ташка тамга басуучу** деп которгон. Кытайдын тарыхый маалыматтарында Күлтегиндин батасына кол башчы Чжан Цюй-и менен сановник Лю Сян жиберилгендиги айтылат)

Күлтегин кой жылы оон жетинчи (күнү) учту; тогузунчу ай(дын) жыйырма жетисинде жоктодук (көмдүк). Имараттын оймо-чиймесин, битиг ташын (жазуу чегилген таш эстелигин) мечин жылы жетинчи ай жыйырма жетинчи күнү багыштады. Күлтегин кырк артыгы жети (кырк жети) жашында булут болду (өлдү), таш... мынча көп бедизчини (оймо-чиймечилерди) тойгундар менен элтеберлер келтирди. (Тойгун-титул элтебер — кол башчы).

## ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Илимпоздордун таштагы жазууларды кытай маалыматтарына салыштырып тактоолоруна караганда, Күлтегин 731-жылы 27-февралда өлгөн. Агасы Билге каган

кытай императору Сюаньцзунга май айында кайрылып, күмбөз тургузуу үчүн чеберлерди, сүрөтчүлөрдү жиберүүнү өтүнөт.

Салт боюнча Күлтегиндин өлүгү өрттөлүп, 731-жылы 1-ноябрда көмүлөт. Мөөр басылган көңүл айтууну алган жана купмандык чалуу укугу берилген батачылар: кол башчы Чжан Цюй-и менен Лю Сян төрө Кытайдын борборунан 731-жылдын декабрында чыгат. Алар 732-жылы 1-августта жазуулуу эстелик ташты орнотуунун касиеттүү каадасына катышышат.

10,25×10,25 метр, төрт чарчы күмбөз 733-жылдын аягында бүткөрүлөт. Анын ичине Күлтегиндин жана жубайынын статуясы орнотулган. Кытайдын белгилүү алты сүрөтчүсү күмбөздүн төрт дубалына уруштарды, түрктөр эзели көрбөгөндөй, ажайып тартышкан.

Күмбөздөн Цайдам көлүнө карай үч чакырым аралыкка балбалдар орнотулган. Алардын 160 сакталып калган. Күмбөз, албетте, биздин күндөргө жетпеди.

## КӨК ТҮРКТӨРДҮН КОЛ БАШЧЫСЫ, КАГАНДЫН КЕҢЕШЧИСИ ТОНУКӨККӨ АРНАЛГАН ЭСТЕЛИКТИН КЫРГЫЗЧА ОКУЛУШУ

1. Билге Тонукөк мен өзүм Табгач элинде тарбияландым. Түрк эли табгачка карар эле.

2. Түрк журту, каны менен болбой, Табгачтан айрылды, кандуу болду. Канын коюп (таштап), Табгачка жана (дагы) баш ийди. Теңири мындай деген болсо керек эле: кан бердим,

3. каныңды копю (таштап кетип), баш ийдиң. Баш ийген үчүн теңири өлтүрөр эле. Түрк эли өлдү, азайды, жок болду. Түрк-сир журтунун жеринде

4. мамлекеттик түзүлүш калбады. Тоо-ташта (токойдо, ташта) калгандары куралып, жети жүз болду. Эки бөлүгү аттуу эле, бир бөлүгү жөө эле. Жети жүз кишини

5. жетектөөчү, улугу, шад (кандын вазири) эле. Жакында (жанаша бастыр),— деди. Жакындаганы (жанаша бастырганы) мен элем — билге Тонукөк. Ойлондум: торук (арык) букалары, семиз букалары аркада

6. (экенин) билсе, семиз бука, торук бука деп, бил-

бес эле деп,— канча ойлодум. Андан кийин теңир билим (акыл) берген үчүн өзүм (анын) каган (болушун) кааладым. Билге Тонукөк, бойло бага таркан

7. менен, Илтерис, каган болоюн, оңго Табгачты, чыгышта Катанды, солдо (түндүктө) Огузду — көп өлтүрдү. (Анын) билим жагынан да, даңк жагынан (да) жолдошу мен элем. Чугай куз менен Кара-Кумду жердечи элек.

8. Кийик жеп, табышкан жеп отурат элек. Эл(дин) карды ток эле, жообуз тегерегибизде алгыр куштай эле, биз сак (элек) (алар үчүн) тарп (жем) элек. Ошентип күн көрүп отурганда, огуздан тыңчы келди

9. Тыңчы сөзү мындай: тогуз огуз эли(нин) үстүнө (бийликке каган отурду,— дейт. Табгачка карай Куны Сеңүндү жиберген, Кытаңга карай Тоңра Семигди жиберген, сөзү мындай: аз гана түрк эли

10. көчүп жүрөт, (бирок) каганы алп (баатыр), кеңешчиси акылман. Ал эки киши бар кезде сени, Табгачты өлтүрөт, дедим мен, мурда Кытаңды өлтүрөт, дедим мен, бизди Огузду

11. өлтүрөт дедим мен. Табгачка түштүктөн тий! Кытаңга чыгыштан тий! Мен түндүктөн тийейин! Түрк сир элинин жерине бийлик кылбасын (сөзмө сөзү: жортпосун)! Ээ болгон (кишини) жок кылалык,—

12. дедим мен. Ал сөздү эшитип, түн уйкум келбеди, күндүз отургум келбеди. Андан кийин каганыман өтүндүм, мындай деп өтүндүм. Табгач, Огуз, Кытаң бу үчөө кабышат (биригет),

13. а биз (болсок) өз ичи-тышыбызды туткандай (болуп) калабыз. Жука нерсени (азып-тозгонду) топтоого оңой, ичкени үзүүгө оңой, жука калың болсо, топтогондо алп болот, ичке

14. жоон болсо, үзгөн алп болот. Чыгышта Кытаңга, түштүктө Табгачка, артка (батышка) түндүктө Огузга, эки-үч миң жоокерибиз менен бармакпыз. Бул боло алабы? Ушундай (деп) өтүндүм.

15. Каганым, мен өзүм билге (акылман) Тонукөк өтүнгөн өтүнүчүмдү эшите берди. Көңүлүнчө ээрчит,— деди. Көк-Өңдү өтүп, Өтүкен жышты (черди) көздөй ээрчиттим. Инек көлүк (унаа) менен Тогладан (өзөнүнөн) огуздар келди.

16. Колу алты (Томсен) миң эле, биз эки миң элек. Салгылаштык теңир алкады... жанган (кайткан) жолдо дагы өлдү. Андан кийин Огуздар бардыгы келди (баш ийди),

17. келтирдим (ошондуктан) Түрк элди Өтүкен жерге, мен өзүм билги (акылман) Тонукөк Өтүкен жерди конуш (кылам), дегенин эшитип, түштүктөгү эл, батыштагы, түндүктөгү, чыгыштагы эл(дер) келди.

18. Эки миң элек, биз эки кол болдук. Түрк эли отурганы (жашаганы), Түрк каганы олтурганы (жашаганы), басып алуу максатында Сантуң шаарына, деңиз дарыясына жеткен жок элек, каганыман өтүнүп, кол алып жөнөдүм.

19. Сантуң шаарына, деңизге жеттим, жыйырма үч шаар сынды (кыйрады). Усын Бунтаты журтунда (жерде) жатып калдык эле. Табгач каган жообуз эле, он ок каганы жообуз эле,

20. артыкча Кыргыз күчтүү каган жообуз болду. Ал үч каган ойлошуп (сүйлөшүп) Алтын-Жышта кабышалык (биригелик) деген, ошондой (сүйлөшүштү). Чыгышта Түрк каагнга карай кол жөнөтөлүк, ага каршы согушпасак, кандай да болсо, ал бизди (жеңет),—

21. каганы алп ле, кеңешчиси акылман эле. кандай (канча) болсо да, өлтүр, үчөө биригип, кол жөнөтөлү, аны жок кылалы,— дешкен. Түргеш каган мындай деди: менин элим анда болот,— деди.

22. Түрк эли козголот дагы (деди), огуздар дагы таркайт,— деди. Ал сөзүн эшитип, түн уйкум келбес эле (күндүзү) отургум келбес эле, (күндүзү) отургум келбес эле, ушунча ойлондум...

23. ...жоолашалык,— дедим. Көгменде жол бирөө эле, суук деп эшитип, бу жол менен жортсок (жүрсөк), жарабас деди... жерчи (жол билген адам) тиледим (сурадым), чөлдүк аздан эр (киши) таптым.

24. Өзүм Аз жериненмин, аны бил... деди, (анда) токтой турган жер (түнөк) бар. Аны суусу менен барсаң анда жатып, (андан кийин) бир аттык жол калат,— деди. Ал жол менен жортсоңор болот дедим, ойлондум, каганымдан

25. өтүндүм, кол жөнөттүм, аттан(гыла) дедим. Ак-Термелди кечип, өргүттүм, ат үстүнө миндире, карды жиредим, жогору ат жетелей, жөө, жыгач тутуп, (таяк кармап), аштырдым, алдыдагы эр(лер)

26. карды жиреп (тепсеп), чери бар чокуну (белин) аштык, кыйналып жатып түштүк, он түн (дегенде) тоо этегине шашып бардык (жеттик). Жерчи (жолдон) жаңылып, муяздалды. Кысталганынан каган желип көр (желдире бастыргыла) деди.

27. Аны сууну (бойлоп) баралык! Ал суу (менен)

төмөн бардык, (колду) санаганы түшүрдүк, атты жыгачка байладык... Күн да, түн да желип бардык, Кыргызды уйкуда бастык.

28. ...сүңгү менен (жол) ачтык, каганы, аскери түрүлдү (чогулду). Согуштук, жанчтык, каганын өлтүрдүк. Каганга кыргыз эли баш ийди, жүгүндү, жандык (кайттык). Көгмен жышты, токойду айланып (өтүп) келдик.

29. Кыргыздан жандык (кайттык). Түргеш кагандан тыңчы келди, сөзү мындай (?) алдыдан (чыгыштан) каганга карай кол алып баралы дейт, жортуул жасабасак (кол алып барбасак) ол бизди: каганы алп, кеңешчиси акылман, канткен менен да

30. бизди өлтүрөт го,— деди. Түргеш каганы жортуулга чыкты деди, он ок эли түгөл атанды дейт, Алардын (ичинде) Табгач колу да бар экен. Ал сөздү эшитип, каганым: мен үйгө түшөйүн (барайын),— деди.

31. Катын жок болгон (өлгөн) эле, аны жоктоюн (көмөйүн) деди, кол (менен) барын,— деди. Алтын-Жышта отуруң (күткүлө),— деди. Кол башчы (болуп) Инел каган, тардуштардын шады барсын,— деди. Билге Тонукөк мага айтты:

32. бу колду башта,— деди. Кыйынды (жазаны) көңүлүңчө (билгениндей) айт (колдон), мен сага не айтайын,— деди. Эгер эрлер (жоокерлер) келсе күч көбөйөт, келбесе тилди, сөздү (б. а. кабар) ала отур,— деди. Алтын-Жышта отурдук (токтодук)

33. үч тыңчы киши келди, сөзү бир (мындай): каганы кол аткарды, он ок колу калбастан атанды дейт. Йарыс жайыкта чогулалык,— деди. Ал сөздү эшитип, каганга ал сөздү кабар эттим. Кантейин. Сөз (жооп) жаңа (кайра)

34. келди: отуруң (күткүн) дептир. Шашпа, кароолду жакшы кармагыла, (капысынан) бастырбагыла (басыпа албасын) дептир, Бөгү каган мага мындай деп (буйрук) айтты. Апа — тарканга (жогорку командачыга) жашырын сөз жибер: билге Тонукөк айлакер, өз(ү) аңдайт (сезет)

35. (эгерде ал айтса): кол (менен барабыз» ...ынаба) макул болбо)! Ал сөздү эшитип, кол жөнөттүм. Алтын-Жышты жолсуз аштым. Иртыш дарыясын кечүүсүз кечтик, түн каттык, Болчуга таңга маал жеттик.

36. Тыңчыны алып келди, сөзү мындай: Йарыс жайыгында он түмөн (100000) кол чогулду,— дейт.

# АДАБИЙ АТА МУРАСЫБЫЗ

Түптүү түрк журту азыркы Кытайдан Мажарстанга чейинки жерлерди ээлеп, эзелде улуу өлкөлөрдү түзсө да, бизге ошо бойдон жетпеди. Тили бирге урууларлын дилин кошкон чыгаан чыкпагандыктан, бөлүнүп-жарылып, ар кимиси өз бетинче кетти.

Антсе да, түрк уруулары «Куранда», «Тооротто» аталган айрым калктардай мөңгүдөй көчпөдү, жылдыздай өчпөдү, уй түгүндөй жоолорунун арасына сиңип, түгөл жоголбоду. Анын ичинде, эң эзелки түрк тукуму катары Кытай тарыхында изи калган кыргыз да 2200 жылды карытты. Элдин өрөөн-бутагы чексиз жайылып, өркөнү өссө да, жазуу-сызуу күтпөсө, томдогон тарыхтары томуктай баштары менен кара чымдын алдында калат. Аттиң, эзелде Теңирдин эркесиндей эрдемсинген скифтерден, сактардан, гундардан ажайып буюм тайымдар гана эмес, эки сап жазуу калса кана?! Чындыгында алар өздөрүн кандай атаганын, кайсы тилде сүйлөгөнүн, ысымдары кандайлыгын ушул убакка чейин айкын биле албай, аларга кайсы атадан кошуларыбызды так айта албай олтурбайбызбы...

Анан кийинчерээк жазуу күтүп, бабаларыбыздын колу менен чегилген таштардын кандайдыр бир бөлүгү табияттын сансыз алааматтарынан, жоолордун жоболоңдорунан аман калышын, кече жакында илимдүү, көкүрөгү ачык кишилердин көзүнө түшүшүн кантип элибиздин бактысы дебейбиз?

Алар табылган менен мая калкынын, же Пасха аралындагылардын жазууларындай табышмагы жандырылбаса кантмекпис? Жазуубуздун алтын ачкычы эки кылымдын аралыгында табылышы биздин чоң олжобуз! Колуңуздардагы жыйнак да ошонун шарапатынан жаралган саамалык.

Түрк журтунун, анын ичинде кыргыздардын атам заманда эле башкалардыкына окшобогон жазуусу болгону жөнүндө кытайлардын, өзгө элдердин тарыхтарында маалыматтар кашкайып турганы менен кийинки кылымдарда аларды беленсип эч ким издебеген. Түрк тукумунда андай кудурет жок эле. Илими андай деңгээлге жеткен бир да бир мамлекети болбогон. Жетелерибиздин арипиеринин негизинде кадимки Бабыр шах жаңы тамгаларды жаратканы тууралуу кабар бар,

эмне себептен колдонбогону, кайда жоголгону белгисиз.

Сибирдин картасын түзгөн төбөлдүк орус казагы Семен Ульянович Ремезов Энесайдагы эстеликтер жөнүндө 1697-жылы тунгуч ирет жазуу жүзүндө кабарлайт. Андан кийинки маалыматтар Старленбергге жана Миссершмидтке тиешелүү. Петр I убагындагы Полтава урушунда колгон түшкөн швед тутукундары менен Төбөлгө айдалган Филипп Иоганн Табертфон Старленберг ата журтуна кайтканда, сүргүндө жыйнаган иликтөөлөрүнүн негизинде эки китеп жазып, 1730-жылы өз тилинде жарыялайт. Эмгек тез эле англисчеге, французчага, испанчага которулуп, Батыш европалыктар жер үстүндөгү тозок катары эсептелген Сибирдин Энесайында нечен кылымдар мурда жазуу-сызуулуу калк жашагандыгын, алардын бөтөнчө тамгалар менен жазылган таштар калгандыгын билишет. Швед офицери сүргүндөгү мезгилде Сибирде жети жыл иликтөө иштерин жүргүзгөн немис натуралисти Д. Г. Миссершмидттин Энесайдын эски жазуулуу таштары, башка нерселери жөнүндөгү маалыматы Старленбергдин айткандарына айкашып, окумуштуулардын ойлору алда кайда чабыттайт. Орус илимпозу Григорий Спасскийдин өзү чыгарган «Сибирский вестник» журналына 1818-жылы жарыяланган макаласы илим тилинин кызматын аткарган латынчага которулушу Энесай эстеликтеринин сырын ачууну эңсегендерди көбөйтөт.

Ошентип, сандаган ачылыштардай эле Энесай эстеликтери кокусунан табылат. Старленберг да, Миссершмидт да аны окуй алышпагандыктан, рун жазууларына окшоштурушат. Ошол негизсиз коюлган аты азыр деле кала элек.

Батыш германдардын байыркы убактагы ташка, сөөккө, темирге, жыгачка оюлган жазуулары рун аталган. Ал ар жагы Гренландияга, бер жагы Новгородго чейин таралган. Англиянын, Скандинавиянын аймагындагылар да колдонушкан. Убакыт өтө анын ариптеринин курамы, жазылышы өзгөргөн. Сөздөр ажыратылбастан, тыгыз тизмектелген жана оңдон солду карай, же солдон оңду көздөй, кээде үстүңкүсү сабы оңдон солго, астыңкысы тескерисинче жазылып, окулган. Энесай жазуусу таптакыр башкача экендиги кийин билинди.

Рун жазуусу деп атоодо бир жагы жер маселесине байланыштуу чоң саясат жаткан. Шым кийип, абийир-

дин жапканды скифтерден — биздин жерлерибизден үйрөнгөнүн унутуп, Сибирь тарапта мурдалы — кийинди жашагандарды жапайы эл катары эсептеген европалыктар табылгалардын сыртынан тон быча башташат. Рун аталган соң немистер энчисине басууга умтулушту. Финдер «ата-бабаларыбыз ошол жактан оогон, табылга бизге таандык» деп чыгышты. Айланып келип, анын бизге залалы деле тийбеди. Финдердин археологиялык коому 1875-жылы Энесайдын Миңсуусуна эки топ жөнөттү. Анын шарапаты менен 1889-жылы 8 сүрөттү, 32 таблицаны камтыган атлас жарыяланды.

Ошол эле жылы сибирлик археолог Николай Михайлович Ядринцев Орхон өзөнүнүн аймагынан белгисиз жазуулуу залкайган эки таш тапканы жөнүндө орус археологдорунун жыйынында маалымдайт. Ошого байланыштуу Орхон-Энесай эстеликтери, жазуулары деген сөз кирип, рун жазуусу деген сөзгө кошо колдонула баштайт.

Тарыхын тактоого, жетелери Чыгыштан оогону жөнүндөгү божомолдорун таштардагы маалыматтар менен бекемдөөгө ынтызар финдер 1890-жылы Орхонго археологиялык топ аттандырат. Кийинки жылы андай топту Орус академиясы жөнөтөт. Академик В. В. Радлов башкарган бул топко Ядринцев да кошулган.

Эки экспедициянын ийги ишинин натыйжасында Орхон эстеликтеринин зор эки атлас жарык көрөт. Алар дүйнөнүн тилчилерине эң сонун тартуу, чоң сыноо эле. Мында окумуштууларга дагы да болсо жетик жетелерибиздин арбагы жардамдашат. Орхон эстеликтеринин төрт кырынын бириндеги кытайча жазуу тез окулуп, мөло таштар түрк каганы Билге (кытайчада Могилян) менен кол башчы Күлтегинге арналып орнотулганы, демек калган беттердеги жазуулар түркчө экени, окуялардын мазмуну билинет. Түнөргөн көктөгү жыбыраган жылдыздарга Айдын шооласы төгүлгөндөй бул ыңгайды Копенгаген университетинин салыштырма тил илиминин кафедрасынын профессору **Вильгельм Людвиг ТОМСЕН** кыраандык менен пайдаланып, алгач «ТҮРК», «ТЕНГРИ» деген сөздөрдү окуйт. Тагдыр таш боордук менен айрыган тамгаларыбыздын алтын ачкычын таап, 1893-жылы 25-ноябрда баардык ариптерди аныктайт.

Торгойдун күздө каткан тили жаркын жазда ачылгандай, Энесай-Орхон жазууларынын сыры, жалпы тарыхка байыркы түрк каганаты жөнүндөгү дарек, түшү-

нүк кирди. Жапайы сыяктуу элестеген бабаларыбыз жазуу-сызуу, сыймыктанарлык маданият күткөнүнө ынанган дүйнө жүзү аң-таң калды.

Өзөктү өрттөгөн жери — тамгаларыбызды ким, качан, каерде жаратканы, аны чыгарууга ким демилгечи болгону тууралуу маалымат жок. Англис окумуштуусу Ж. Клосон алгачкы тамгаларыбыз Биринчи түрк каганатын түптөгөн Бумындын иниси Истеминин буйругу боюнча түзүлүшү ыктымалдыгына кыйла божомолдорду келтирет. Н. А. Аристов эстеликтерде колдонулган 38 арииптин 29 түрк урууларынын эн тамгалары экенин далилдеген. Е. Д. Поливанов тамгаларыбызды түзүүгө идеография үлгүгө алынгандыгы жөнүндөгү оюн ортого салган. В. Томсендин иликтөөсүнө караганда, көнө жазуубуз пехлеви, хорезм, согди тамгаларынын негизинде түзүлгөн. Алар болсо, мындан 2800 жыл мурда колдонула баштаган арамей арибинен келип чыккан. Еврейлердин, арабдардын азыркы тамгалары деле арамей жазуусунун өз тилдерине ылайыкталган түрү.

Айтоор, тамгаларыбыз ташка, жыгачка түшүрүүгө өтө ыңгайлуу болуп, түрк тилинин фонетикасын так бере алган.

Эстеликтердин көбү Энесайдан табылгандыктан, айрым окумуштуулар, жазуу-сызуубуз ошоякта пайда болгон дешет. А. М. Шербактын баамы боюнча жазуубуз Таласта жарлып, печенег жазуусу катары батыш тарапка, Орхон-Энесай жазуусу катары Чыгыш тарапка таралган.

Энесай жазууларында 39 тамга (анын бешөө үндүү) колдонулган. Орхон жазууларында 38 тамга (анын төртөө үндүү) колдонулган. Үндүүлөрдүн ар бири жагдайга жараша эки тыбыштын ордуна пайдаланылган.

Сөздөр кош чекит, Энесайда кээде бир чекит менен ажыратылган. Негизинен оңдон солду карай жазылып, окулган. Энесайда кээде тескерисинче жазылган.

Алар түрк урууларынын кайсы тилинде жазылгандыгы жөнүндөгү талаш-тартыш да чечиле элек. Жети түрдүү пикир өкүм сүрүп келатат. Арийне, бул маселенин такталышынын мааниси өлчөмсүз. А бизге бир нерсе дайын — байыркы баяндардын далай сөздөрү эскирип, колдонулбай калса да, аны ынтаа кое окуган түрк тукуму жүрөгү аркылуу сезип, акылы аркылуу туйбай койбойт.

Түрк жазуусу Орхон (Монголстандын аймагында) өзүнөн тартып, Дунайга дейре таралган. Эстеликтердин

арасында Түрк каганатына, кыргыздарга, курыкандар биримдигине, уйгурларга, кымактарга арналгандары, көлөмдүүлөрү, эң кыскалары бар. Энесай, Талас тараптагынын жазуусу кыска, чегилген жылдары белгисиз. Орхондукунда кыйла окуялар камтылган, Кытайдын тарыхы «Таншуда» кездешпеген маалыматтар: эзелки маданиятыбыз, тарыхый, географиялык түшүнүктөр, саясат, согуштук ыкмалар чагылдырылган.

Энесайдыкы кыска кошокко окшойт. Орхондуку узак баян сымал. Л. Н. Гумилев аларды ыргактуу тарыхый баянга жаткырат. А. М. Шербак да ошондой пикирде. Өмүрүн түрк ырларын изилдөө менен өткөргөн Ф. Корш кылымыбыздын башында эле Орхон эстеликтериндеги ыргакка көңүл бурган. Өзбек жазуучусу А. Фитрат 1928-жылы басылган китебинде аларды абалкы адабиятыбыз катары жарыялаган. Муктар Авезов «Манас» боюнча талашты жыйынтыктоо жыйынындагы сөзүн Орхон жазууларын оозеки чыгармачылыктын көнө үлгүсү катары кароо жөнүндөгү чалкар чакырык менен аяктаган. И. В. Стеблева илимий эмгегинде Орхон эстеликтерин тарыхый дастанга жаткыруу менен чектелбестен, орусчага ыр түрүндө которуп, 1963-жылы жарыялаган. Анын асыл иши элибиздин эсинен кетпес, өкүнүчтүү жери — котормосу 7—16 муундан турат. Ал эми түрк урууларынын элдик ырларын түрө карасак да 11 муундан ашканы табылбас. Ушул жагдайды эске тутуп, Күлтегинге арналган чоң жазуунун Биринчи түрк каганатынын тарыхын ары кыска, өтө нуска баяндаган абалкы 16 түрмөгүн Кадыр Мырзалиев 7 муунга салып казакчалаган. Менимче, баба баяны баардык агаиндерибизде ушундай которулуп, элдик аспаптын коштоосунда коңур үн менен ырдалса, элге эм болуп, башыбызды коштурууга баа жеткис кызмат кылмак.

Кыскасы, илгерки жазуулар моло ташка, аскага, кышка, деги эмнеге түшүрүлсүн, каерден, качан табылбасын, кимге арналбасын, эмнени кабарлабасын, мейли ондогон саптардан, же эки-үч гана сөздөн турбасын, эзелкибизден элес берет, жетелерибиздин үнүн жеткирет. Ар кимиси мазмунуна жараша тарых табериги, адабий ата мурасыбыз.

Барс-бек бабабыздын жада калса санжырада сакталбаган аты ошол табериктерден табылбады. Ал өзүнчө аңгемеге арзырлык окуя.

Мындан 100 жыл илгери миңсуулук дыйкан Е. Ф. Корчаков ошол өрөөндөгү алакандай Алтынкөлдүн жан-жакасынан түшүнүксүз жазуулуу, кичи боюнан алда канча бийик эки ташты жолуктуруп, жердеши Н. М. Мартьяновго сүйүнчүлөйт. Зээндүү дыйкандын мунусу зерден артык иш болот. Орустун Миңсуудагы окумуштуусу жана коомдук ишмери жүрөгүндө жүргөн асыл максатын жүзөгө ашырып, Миңсуу (Минусинск) калаасында, 1877-жылы Сибирь жергесинин тарыхый табериктеринин музейин уюштурганда, эки ташты тең ошерге апкелдирет жана алар ушул убакта да ошерде.

Эки жылдан кийин Н. П. Евстафьев алиги таштардагы жазууларды кагазга көчүрөт. Алар орусчага которулуп, китепке киргизилет. Көрсө, ала барман көчүрүлүп, калпысыраак которулуптур. Ленинграддык түрколог Сергей Григорьевич Кляшторный кокустан орусчасынан күдүктөнүп, далай машакат менен көчүрмөнү архивден таап, анын тактыгына баштагыдан бетер шектенет. 1972-жылы Миңсууга барып, таштагы жазууну окуп, тактап которот. Ал бирде Барстын керези, бирде жатындаштарынын арманы шекилденет. Ошол кезде эстеликтерге кошокторду аралаш ыкмада чектирүү салты болгон. Кляшторный муну менен чектелбей башка эки эстеликти тактап окуп, Барс таажы кийип, такка олтурганда эрдигинен Алп, акылмандыгынан Билге, толук айтканда **Ынанчу Алп Билге атыкканын,** элчилеринин Эрен Улуг, Ичерги Эзген экенин аныктайт. «Күлтегин» чоң дастанынын 20-түрмөгүндөгү «Барс-бек» деген жалгыз сөз, кыргыздын 2200 жылдык тарыхынын актай жаткан барактарынын бири кытай, араб, фарс, китептеринен табылбаган жаркын саптар менен толукталды. Көктөн тилегенибиз жерден табылды. Өлгөн бабабыз тирилди. Башка улуттар жараткан минтип жалгаса, дүйнөнү дүңгүрөтмөк. Бизчи? Маскөөнүн мансапкорлору бөрк алууга жумшаса, баш алган, энесайлык жетелерибизди жериген төрөлөр желкеден басып тургандыктан унчуга албадык. Эми эки тизгин, бир чылбыр колубузга тийгенде да кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк жыйынында Барс-бек бабабыздын атын атай, сүрөтүн ак сарайыбызга иле албаганыбызчы?!

Азыркы түрк агаиндердин көңүлүн карап 711-жылдагы кыргыз кыргынын, өзүбүздөн Ормон менен Балбайдын чабышын жашырсак, ала-кула тарых кимге таңсык? Андыктан, колуңардагы жыйнакты адабий ата мурасыбыз менен өз тизмегинде тааныштыруу үчүн түз-

дүк. Эмесе бабаларыбыздын чыры эмнеден чыкканын аңдоо үчүн тарыхыбызга серп таштап өтөлү.

552-жылы Бумын жужандарды жеңип, жаңы мамлекет түптөйт. Ал, таш китептерибиз табылган соң, тарыхта Биринчи түрк каганаты аталат. Бумын ошол эле жылы көз жумат. Анын ордун баскан иниси Мукан мамлекеттин керегесин найзанын учу, кылычтын мизи менен кеңейтет.

555-жылы каганатка тең тууган катары ыктыяры менен кирбеген кыргыздар кулчулуктан кутулууну көксөп, күч топтойт.

581-жылы каганат ички ыйкы-тыйкылыктан экиге бөлүнөт. Алар тарыхта Чыгыш түрк каганаты, Батыш түрк каганаты аталып келатат.

630-жылы Чыгыш түрк каганатынын түндүгү түшөт. Кыргыздар азаттык алышат. Бирок эркиндик узакка созулбайт. Кыпчактардын бабалары (сир, сеяньто) басып киришет.

646-жылы жайында кыпчактарды уйгурлар кыйратышат. Кыргыздар кайрадан ирдене башташат.

648-жылы кыргыз элчилигин Кытай падышасы кабыл алып, чоң урмат-сый көрсөтөт.

681-жылы Бумындын урпагы Кутлуг түрк журтунун башын кайра кошот. Анын мамлекети тарыхта Экинчи түрк каганаты аталат. Күлтегин Кутлугдун экинчи уулу. Ал узун — туурасы 10,25 метрлик азем күмбөзүндө мрамор статуясы сакталып, иши жөнүндөгү кабар эле эмес, кебетесинин таамай элеси да бизге жеткен.

693-жылы Кутлуг көз жуумп, ордуна иниси Капаган (кан ичер деген мааниде) олтурат. Ал кыргыздарды кыр көрсөткүс кылууга калың кошун менен аттанып, оюнун ойрону чыгат. Чамасы чакталуулугун аргасыздан мойноп, Барс-бекке каган атагын жана Кутлугдун кызын берет. Тынчтык 14 жылга созулат. Барс өз эли кемелине келгенине ишенип, Капаган менен кармашууга камданат. Муну уккан Тонукөк күндүз олтурбайт, түндө уктабайт. Ал кытайда тарбияланып, балким, Конфуцийди окуган, эрдигине эси айкашкан 65 жаштагы, кытайлар жазгандай: «эл айрыкча сыйлаган, ары сестенген, жашы улгайган сайын акылы, тажрыйбасы артып бараткан жан эле».

Аттең, ошол аяр бабабыз араздыкты акыл менен жеңүүнүн жолун акырына чейин издебестен, Капаганды кыргыздарды капыстан басып, сазайын биротоло

таанытууга көндүрөт жана каганды, Күлтегинди, анын агасы Могилянды алып, кошунду өзү баштап барат.

711-жылы кыргыздар түрктөрдөн жеңилип, Барстын дайыны билинбей калат. Бир туугандары анын сөөгүн салт боюнча көмө алышпай, моло таш орнотушуп, бооруна арманын чегишет. Кийин түрктөр салт боюнча кагандын күмбөзүнүн жанына жеңилген жоолорунун сырттаны катары Барстын балбалын биринчи кылып куюшуп, «Күлтегин» дастанына аты жазылат. Күлтегин 731-жылы курман болуп, чоң дастан ташка кийинки жылы чегилет.

«Барс» кошогун ким чыгарганы белгисиз. «Күлтегин» кичи дастанынын аягында аны Йоллыгтегин жаздырганы көрсөтүлгөн. Л. Н. Гумилев чоң дастанды да Йоллыгтегин чыгарганын далилдеген. Ал да Бумындын урпагы, Могиляндын уулу, Күлтегиндин иниси. Бизге аты жеткен тунгуч тарыхчыбыз, акыныбыз.

Баса, Йоллыгтегин атасы 734-жылы уулануудан өлгөн соң, алтын такты ээлеп, Ижен кан атыгып, 739-жылы ажалы жетип, дүйнөдөн өтөт.

Гумилев «Древние тюрки» деген китебинде Могилянга арналган таш китепти да Йоллыгтегиндин чыгармасы деп эсептейт.

Кутлугга, капаганга, күйөө уулу Могилян каганга кеменгер кеңешчи, арыбас арка-бел болгон Тонукөк өз баянын моло ташка өзү чектиргенин белгилеген.

Кыргыздар орто кылымдагы түрк элдеринин ичинен сабаттууларынан болгон. Енисейден эле 120 ташка чегилген жазуунун тексти табылган жана чечмеленип жарыяланган. Ал эми андай жазуулардын жыгачка, териге, чопого жазылып бизге жетпей калгандары канча?

*Төлөн Насирдинтегин*

## МАЗМУНУ

Барс-бек кыргыздардын каганы . . . . . . 3
Барс-бекке арналган эстеликтеги жазуунун мурдагы окулушу жана кыргызчаланышы . . . . . . . . . 43
Барс-бекке арналган эстеликтеги жазууну С. Г. Кляшторныйдын окушу жана кыргызчасы . . . . . . . 44
Эзелки кыргыз элчиси Эрен Улугка арналган эстеликтеги жазуунун мурдагы окулушу жана кыргызчаланышы . . 46
Эрен Улуг эстелигин Кляшторныйдын тактап окушу . . 47
Таш эстеликтеги Күлтегин жазуусунун азыркы тамга боюнча берилиши . . . . . . . . . . . 51
Көк түрктөрдүн кол башчысы Күлтегиндин эстелигиндеги жазуулардын кыргызча окулушу . . . . . . . 58
Көк түрктөрдүн кол башчысы, кагандын кеңешчиси Тонукөккө арналган эстеликтин кыргызча окулушу . . . 68
Адабий ата мурасыбыз . . . . . . . . . 72

---

Адабий-көркөм басылыш

БАРС-БЕК — КЫРГЫЗДАРДЫН КАГАНЫ

Тарыхый повесть
Түзгөн *Т. Насирдинтегин*
Сүрөтчүсү *А. Акматов*

Бишкек, «Ала-Тоо» басмасы

Литературно-художественное издание

БАРС-БЕК КАГАН КЫРГЫЗОВ

Историческая повесть
Составитель *Т. Насирдинтегин*
Художник *А. Акматов*

Бишкек, издательство «Ала-Тоо»

*На кыргызском языке*

Редактору *А. Макешев*
Тех. редактору *Г. Кусеева*

Терүүгө +. 06. 93 берилди. Басууга 15. 07. 93 кол коюлду. Кагаздын форматы 84×108 1/32. Китеп-журнал кагазы. Жөнөкөй ыкма менен басылды. Шарттуу басма табак 4,2. Эсептик басма табак 4,3. Нускасы 50.000. Заказы 90. Келишим баада

«Ала-Тоо» басмасы.
720361, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү 63

Кыргызстандын 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты
720461. Бишкек шаары. Суванбердиев көчөсү. 102.

